№61
(3510)

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Шейшемби,
2023-жылдын
1-августу

www.erkin-too.kg

# ООМАТ ООГОН ОРДОЛУУ ОШ



## МАЙДА, БИРОК МААНИЛҮҮ

Эсеп палатасынын басма сөз кызматынын билдиргенине караганда, Бишкек шаардык мэриясында жалпысынан 1 миллиард 778 миллион сомдук каржылык мыйзам бузуулар аныкталыптыр. Материалдарга укуктук баа берүү үчүн Башкы прокуратурага жөнөтүлгөнүн маалымдашты.

***

Ысык-Көл жана Нарын облустарында административдик-аймактык реформаны ишке киргизүү боюнча пилоттук долбоордун алкагында айыл өкмөттөрүнүн санын кыскартуунун натыйжасында 240 млн сом үнөмдөлгөнү маалым болду. Нарын облусунда 63 айыл өкмөтү 27 бирдикке кошулса, Ысык-Көл облусунун Түп районундагы 13 айыл өкмөтү 5 аймакка бириктирилген.

***

Бул жумада сом дүйнөлүк валюта рыногунда позициялардын бекемделиши менен башталып, расмий курска ылайык, иенди, бразилиялык реалды, беларусь рублин жана юанды кошпогондо, дүйнө өлкөлөрүнүн дээрлик бардык валюталарына карата чыңдалган. Эксперттер дүйнөдөгү геосаясий чыңалуудан улам сом эмес, башка мамлекеттердин валюталары да алсыраганын айтышууда.

***

Кыргызстандагы лифт чыгаруучу «Sky Elevators» ишканасы Түштүк Кореядагы эң ири заводдордун бири «Саехан» компаниясы менен инвестициялык келишим түзгөнүн, ишкананын басма сөз кызматы билдирди. «Асман лифттери» заводу өндүрүштү модернизациялоого, атап айтканда, жаңы жабдууларды сатып алууга жана кошумча жайларды курууга 1 миллион долларга жакын инвестиция салат. Түштүк Корея тарап инновациялык технологияларды, ошондой эле башкаруунун жана өндүрүштүн заманбап ыкмаларын жергиликтүү заводдун кызматкерлерине окутуп үйрөтөт экен.

***

Россиянын рыногунан чет элдик бренддердин чыгып кетишине байланыштуу соодадагы глобалдык өзгөрүүлөрдүн натыйжасында Кыргызстандын текстиль өндүрүшүндө өсүш байкалып, тыш кийимдерди тигүү эркектер үчүн 33,1% жана аялдар үчүн 41,7%га өсүп, трикотаж ич кийимдерин тигүү 9 эсеге өскөн.

***

Бишкектин Жал кичи районундагы "Шашлычная №1" кафесин бузуу иштеринде мэрдин орун басары Нурдан Орунтаев, Жер пайдаланууну көзөмөлдөө боюнча башкармалыгынын жана "Тазалык" муниципалдык ишканасынын кызматкерлери иштеп жатат. Мэрия мындай чечим ижара келишиминин токтолушуна байланыштуу экенин, сүйлөшүүлөрдөн кийин мекеменин ээлери объектини өз ыктыяры менен демонтаждоо милдетин алышканын билдирди.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

Иш жума

# ПРЕЗИДЕНТ САДЫР ЖАПАРОВ ОРДОЛУУ ОШ ЖЕРГЕСИНДЕ



## Ош шаары таза суу менен толук камсыз болот

Президент Садыр Жапаров 27-июлда Ош облусуна болгон жумушчу сапарынын алкагында Ош шаарында ичүүчү таза суу үчүн төрт жаңы резервуардын курулушунун жүрүшү менен таанышты.

Ичүүчү таза суу Ош шаарынын тургундары үчүн көп жылдардан бери эң актуалдуу маселелердин бири болуп келе жатат. Сел жана жаан-чачын учурунда шаардыктарга суу берүү токтотулат. Анткени ачык көлмө — Ак-Буура дарыясынын пайдаланылып жаткан суусу булганат. Курулуп жаткан ар бир резервуардын көлөмү 6 миң куб метрди түзөт, ал ичүүчү таза сууну чогултууга коюлган. Президент Садыр Жапаров ишти тездетип, бир ай ичинде Ош шаарынын тургундарын таза суу менен толук камсыз кылуу маселесин чечүүнү тапшырды.

## Кошумча каражат бөлүндү

Андан кийин Президент Садыр Жапаров Ахматбек Сүйүмбаев атындагы стадиондун капиталдык реконструкциялоонун жүрүшүн көрүп чыкты.

Стадион 1961-жылы курулуп, 62 жыл ичинде жарым-жартылай гана оңдоп-түзөө иштери жүргүзүлүп, бир дагы жолу толук оңдолгон эмес. Быйыл оңдоп-түзөө иштери май айында башталган. Абалды жеринен көргөн Мамлекет башчысы Садыр Жапаров кошумча каражат бөлүп, жакын арада стадионду толук реконструкциялап, бүтүрүүнү тапшырды.

Бүгүнкү күндө Ош шаарынын стадионунда эл аралык футбол оюндары жана шаардыктар үчүн ар кандай иш-чаралар өткөрүлүп турат. Оңдоп-түзөө иштеринин алкагында ыңгайлуу шарттарды жакшыртуу үчүн стадионго 11 миң орундук жаңыланып, Азия футбол конфедерациясынын талаптарына ылайык, футболчулар үчүн кийим алмаштыруучу жайлар жана душ бөлмөлөрү капиталдык оңдоодон өткөрүлөт.

## «Иркештам» өткөрмө пункту модернизацияланат

Алай районундагы КР Түштүк-Батыш бажысынын "Иркештам" автомобилдик өткөрмө пунктунун (АӨП) иши менен таанышкан Президент Садыр Жапаров жалпы узундугу 3,4 чакырымды түзгөн төрт тилкелүү жолдун курулушун көрдү. Курулуш Кыргыз Республикасы менен Кытай Эл Республикасынын ортосундагы Меморандумга кол коюлгандан кийин 2023-жылдын май айында башталган.

Долбоордо узундугу 187 метр болгон эстакадалык көпүрөнүн курулушу жана көмүрдү ташуу үчүн ленталык конвейерди орнотуу каралган. Долбоор аяктаса Кыргызстандан Кытайга көмүрдү ленталык конвейер аркылуу жеткирүүгө жана өткөрмө пункттундагы жүктөмдү бошотууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Андан улам, чек ара аркылуу товардык жүктүн агымы көбөйөт.

Паспорт боюнча "Иркештам" АӨПтүн колдонуудагы өткөрүү жөндөмдүүлүгү 100 жүк ташуучу жана 60 жеңил унааны түзөт. Бирок бүгүнкү күндө пункт аркылуу эки тарапка 300дөн ашык унаага карата бажы операциялары жүргүзүлүп, бул чек ара аймагында унаа тыгыны жана кезек күтүүгө себеп болууда.

"Иркештам" АӨПтү модернизациялоо пункттун өткөрүү жөндөмдүүлүгүн күнүнө 1000 унаага чейин жогорулатып, көмүр ташыган жүк ташуучу унаалардан жолду бошотот. Анткени катуу отун Кыргызстандын бажы кампасынан Кытайга ленталык конвейер аркылуу жеткириле баштайт.

## Жоопкерчилик жүктөгөн жеңиш

Мамлекет башчысы Садыр Жапаров Мунарбек Сейитбек уулу менен жолугушуусунда анын жетишкендиги ар бир кыргызстандык үчүн чоң сыймык экендигин белгиледи. Ал 2023-жылы бокс боюнча дүйнө чемпионатынын коло медалынын ээси.

"Сен Көзкарандысыз Кыргызстандын соңку жаңы тарыхына бокс боюнча дүйнө чемпионатынын байгесинин ээси катары биринчи болуп кирдиң. Сен жана сенин машыктыруучуларың Союз маалында атагы чыккан кыргыз бокс мектебинин кайра жандануусун дүйнөгө көрсөткөнүң абдан маанилүү", - деди Садыр Жапаров.

Президент эми боксту жакшы билген ар бир кыргызстандык Мунарбек Сейитбек уулунун жеңиштерине кубанып, эл аралык жана дүйнөлүк турнирлерде анын мындан аркы жеңиштерине ишенерин баса белгиледи.

Анын жеңиши атак-даңк алып келүү менен бирге Мекен алдында чоң жоопкерчиликти да жүктөгөндүгүн, жаш мушкерлерге үлгү болуп, мындан ары да катуу машыгууну улантып, чоң жеңиштерге жетише беришине тилектештигин билдирди.

Мамлекет башчысы Садыр Жапаров Мунарбек Сейитбек уулуна Ош шаарындагы эки бөлмөлүү батирдин ачкычын тапшырды.

## Коопсуздук үчүн камкордук

Президент Садыр Жапаров Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Ош шаары жана Ош облусу боюнча Башкы башкармалыгынын жаңы имаратын ачып, Совет мезгилинен бүгүнкү күнгө чейинки маанилүү окуяларды белгилеп, алардын республикадагы туруктуулукту сактоодогу иштерине кеңири токтолду.

Ошону менен бирге Садыр Жапаров бүгүнкү күнү дүйнө жүзүндө оор кырдаал күчөп, анын кесепеттери мамлекеттер үчүн, анын ичинде улуттук коопсуздук маселелеринде жаңы чакырыктарды жана коркунучтарды жаратканын айтты. Буга байланыштуу тармактык органдардын кызматкерлерине карата талаптар да өсүп жатканын, алардын иши саясий жана эл аралык туруктуулукту камсыз кылуу, терроризмге жана коррупцияга каршы күрөшүү, аймактык бүтүндүктү сактоо жана бул багыттагы иш-чараларды күчөтүү боюнча милдеттер менен көбөйгөнүн белгиледи. Мамлекет башчысы бардык бул маселелерге өлкө жетекчилиги тарабынан комплекстүү көңүл бурулуп жатканын билдирди.

Улуттук коопсуздук органдарынын материалдык-техникалык базасы тууралуу айткан Садыр Жапаров, УКМКнын Ош шаары жана Ош облусу боюнча Башкармалыгынын эски имараты 1979-жылы курулуп, анда мезгилмезгили менен пландуу оңдоп-түзөө иштери жүргүзүлүп келгендигин белгиледи. Башкармалыктын кызматкерлеринин ишине заманга ылайык шарттарды түзүп берүү максатында өткөн жылы 2836 чарчы метрди түзгөн 3 жаңы имарат курулуп баштаган. Бүгүнкү күндө объекттердин курулушу аяктап, ичинде заманбап спорт комплекси жана жаңы тергөө абагы менен пайдаланууга берилип жатат.



## Курулуш иштери канааттандыраарлык

Өлкө башчысы Садыр Жапаров капиталдык оңдоп-түзөө иштери жүрүп жаткан "Төлөйкөн" ат майданында да болду. Быйыл спорт объектисин капиталдык реконструкциялоого республикалык бюджеттен 45 миллион сом бөлүнгөн. Бүгүнкү күндө иштердин негизги бөлүгү аяктап калган.

Садыр Жапаров курулуш иштеринин жүрүшүн канааттануу менен белгилеп, ат майданын капиталдык реконструкциялоону белгиленген мөөнөттө аяктоону тапшырды. 31-август - Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк күнүнө карата аталган ат майданда алгачкы майрамдык иш-чаралар өткөрүлөт.

## ОшМПУнун жаңы имаратында заманбап шарттар түзүлгөн

А.Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин жаңы беш кабаттуу корпусунун курулушу 2021-жылдын ноябрында башталган.

Аталган окуу имаратынын жалпы аянты 3,6 миң чарчы метрди түзөт. Ага 54 окуу бөлмөсү, китепкана, ашкана, конференц-зал жана компьютердик класс кирет. Жаңы имараттын долбоорунда ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар жана улгайгандар ЖОЖго тоскоолдуксуз кириши үчүн пандустарды жана лифтти орнотуу каралган.

Университеттин жаңы имаратында Баткен, Жалал-Абад жана Ош облустарынын студенттери үчүн педагогикалык адистик боюнча гана окутуу жүргүзүлөт.

Мугалимдик кесиптин өзгөчө ролун белгилеген Президент Садыр Жапаров имараттын курулушун 2023-2024-жаңы окуу жылынын башталышына карата бүткөрүүнү тапшырды.

## Ак ниет ишкерлерге ар дайым колдоо көрсөтүлөт

Президент Садыр Жапаров Кара-Суу районундагы курулуп жаткан "ЕвроАзия ГРУПП" индустриалдык-логистикалык паркына барды.

Бул объекттин аянты 5 гектарды түзөт. Жер ички инвесторлорго колдоо көрсөтүү жана аймактардагы өндүрүштү өнүктүрүү максатында сынактык негизде мамлекет тарабынан бөлүнгөн.

Долбоорго ылайык, объекттин аймагында үч өндүрүш аянты иштемекчи: трикотаж кийимдерин тигүү фабрикасы, трикотаж кездемесин токуп чыгаруу фабрикасы жана жип өндүрүү фабрикасы. Бүгүнкү күндө индустриалдык-логистикалык парктын курулушу 70%га аяктап калды.

Үстүбүздөгү жылдын IV кварталында 800 жумуш орундуу жана өндүрүштүк кубаттуулугу жылына 2,1 миллион даана кийим тигүүчү фабриканын ишке кириши күтүлүүдө. Долбоор 2,6 миллион АКШ долларына бааланган. Тигүү фабрикасынын продукциясы негизинен экспортко багытталат.

Трикотаж кездеме чыгарган фабриканын ишке кириши 2024-жылдын IV кварталына пландаштырылган. Ишкана 300 адамды жумуш орду менен камсыздайт жана күнүнө 20 тоннага чейин кездеме чыгарат. Долбоорго жумшалган каражат 18 миллион АКШ долларын түзөт.

Өндүрүштүк кубаттуулугу күнүнө 15 тоннага чейин жеткен жип ийрүүчү фабрика 2025-жылдын III кварталынан баштап иштей баштайт. Анда 150гө жакын адам эмгектенет. Анын инвестициялык салымы 3,5 миллион АКШ долларын түзөт.

Президент Садыр Жапаров долбоорду ишке ашыруунун жүрүшү менен таанышып, мамлекет ар дайым ак ниет ишкерлерге колдоо көрсөтүп, инвесторлорго, анын ичинен ички инвесторлорго жагымдуу шарттарды түзүүнү улантарын белгиледи.



Даярдаган
Жылдыз ДЫЙКАНОВА

Күндүн темасы

# ТЕНДЕР – ЖАМААТТЫК ЖООПКЕРЧИЛИКСИЗДИК




Тендер маселеси боюнча коомчулукта кайчы пикирлер жаралып келген. Бир тарабы бюджеттик каражаттарды үнөмдүү пайдаланууда ачык-айрымдуулук болот деп келишкен. Экинчи тарап тендерге каршылыгын билдиришкени маалым. Бирок, Кыргызстанда тендер деген акырындык менен "мыйзамдуу коррупция" деген түшүнүккө айланып, бюджеттик каражаттар максатсыз пайдаланган фактылар каттала баштады. Ошону менен бирге сапатсыз тейлөөгө жол берилди. Бир жагынан айлап-жылдар тендер өткөрүлбөй, өндүрүш болобу, тейлөө кызматыбы, алардын бутун "тушап", ишине кедергисин тийгизип келди.

Президент Садыр Жапаров өлкө башчысы кызматына келгенден эле тендер маселесин жөнгө салуу боюнча өзүнүн ачык пикирин билдирип келген. Ошондой эле жоопкерчиликти өзүнө алып, саясий чечкиндүү кадамдарга барып, жол жана башка социалдык объектилердин курулушуна тендерсиз түздөн-түз мамлекет менен ишкерлердин иштөөсүнө артыкчылык берген. Маселен, Бишкек шаарында 5-6 айдын ичинде курулган 15 мектептин курулушу эч кандай тендерсиз өткөрүлдү. А эгерде тендердин күнүн санасак, бул курулуштар бир жылда бүтүшү күмөн болчу. Же болбосо, Кыргызстандагы жол курулушун чет элдик компаниялар ишке ашырып келген. Ал дагы негизинен чет элдик карыздын эсебинен. Акыркы жылдарда бюджеттик каражаттарга ата мекендик компаниялар жол кура баштады. Ошону менен бирге жумуш орундары түзүлүп, өндүрүш жанданууда. Быйылкы жылы Кыргызстанда 200дөн ашык мектеп курулуп жатса, анын 100 билим берүү имараты 1-сентябрга карата ишке берилиши керек. Бул дагы мамлекеттин ишкерлер менен түздөн-түз кызматташуусунун үзүрү.

**Ушул маселе боюнча "Капитал Билдинг ЛТД" курулуш компаниясынын башкы директору Досжан САЙРАМБАЕВ төмөндөгүдөй оюн билдирди:**

- Президент Садыр Жапаровдун "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү" Мыйзамга кол коюшун көптөн бери күтүп жүргөнбүз. Анткени, бул мыйзам биринчиден мамлекет менен ишкердин ортосундагы түздөн-түз кызматташуусуна жол ачса, экинчиден, коррупцияга бөгөт коёт. Буга чейин эмне болду? "Порталдан утуп келдим" деп эле же бир күрөгү, балта-тешеси жок "курулушчулар" тендердин пайдасын көрүп келишти. Мурдагы дарыгер, органда иштеген адамдар пенсияга чыгып алып, курулуш компанияларын ачып, тендерге катышып жүргөнү эч кимге жашыруун эмес. Президент бул маселеге убагында чара көрүп жатат. Бул мыйзамды колдош керек, - деди.

Ал эми Бишкек шаарынын мэри Эмилбек Абдыкадыров тендердик системаны "жамааттык жоопкерчиликсиздик" деп атап, мэрия муниципалдык кызматкерлерге жеке жоопкерчиликти жүктөө үчүн товарларды жана кызматтарды сатып алууда тендердик системадан баш тартып жатканын айтып, «Тендерди эч кандай материалдык-техникалык базасы жок бирөө утуп алат, анан экинчисине иштин өткөрүп берет, натыйжада эч ким белгиленген мөөнөттө аткарбай жатат. Тендерлерден алыс болушубуз керек, анткени бул жамааттык жоопкерчиликсиздик. Жеке жоопкерчилик болсо, коррупциялык схемаларга жол берилбейт", - дейт шаардын мэри.

Тендер бардык тармактын ишине жолтоо болуп келгени чындык. Президент Садыр Жапаров бир нече медициналык мекемелерге пландан тышкары барып текшерип, бейтаптар менен баарлашып, айрым дары-дармектердин жетишсиздиги боюнча Саламаттыкты сактоо министрлигин сынга алганы эсибизде. Анда тендердин кесепетинен зарыл болгон дарылар алынбай жатканы жөнүндө айтылган эле. Бүгүнкү күндө жаңыдан уюшулган "Кыргызфармация" мамлекеттик ишканасы эч кандай тендери жок дары-дармек боюнча чет өлкөлүк компаниялар менен түздөн-түз келишимдерди түзүп, миллиондогон сом бюджеттик каражаттар үнөмдөлүп жатканы маалым болууда.

Бюджеттик каражаттарды үнөмдөө жаатында жакында мамлекеттик органдар үчүн бирдиктүү эсеп системасын пилоттук долбоор катары киргизүүнү пландаштырып жатканын Финансы министрлигинен билдирди. Азыр мамлекеттик мекемелер бухгалтердик программаларды өз алдынча колдонушат экен. Министр мырза «Борборлоштурулган база жок, көзөмөл да жок. Бухгалтердик эсептин бирдиктүү системасынын аркасында бардык операциялар борборлоштурулат. Эмгек акыны төлөө жана электрондук кызматкерлер синхрондолот. Бул бизге реалдуу убакытта акчаны үнөмдөө мүмкүнчүлүгүн берет. Бул бизге дебитордук жана кредитордук карызды тез аныктоого жана көзөмөлдөөгө жардам берет", - деди.

Ал эми Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров аталган долбоор пилоттук режимде 2024-жылдын 1-январынан тарта ишке кирерин белгилеп, «Ар бир башкы дарыгердин, мектеп директорунун, айыл өкмөттүн каржылык аракеттерин Финансы министрлигинин башчысы көрөт. Бул бирдиктүү система болот. Буга чейин башкы бухгалтериңиз 1С системасы аркылуу ар бир жарым жылда отчёт берип турчу, эми андай болбойт" - деп түшүндүргөн өкмөттүн жыйынында. Демек, бюджеттик каражаттарды тескөө жана көзөмөлдөөчү механизм иштелип чыгып калган экен. Мындай шартта тендерди жактап, "конкурс бюджеттик каражаттарды үнөмдөйт" деген айрым бир кызыкдар тараптардын көз карашы актуалдуу болбой калганын моюнга алыш кажет.

Ушундан улам, өлкөбүздө мамлекеттик сатып алуулардын жолжоболорун өркүндөтүү жана оптималдаштыруу, ошондой эле бул процесстеги коррупцияны жоюу максатында Жогорку Кеңеш тарабынан өзгөртүүлөр киргизилип, кабыл алынган «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамга Президент Садыр Жапаровдун кол коюшу көпчүлүктүн колдоосуна ээ болуп жатат. Ошону менен бирге мамлекеттик сатып алуулардын жолжоболорун жөнөкөйлөштүрүү жана бир катар мыйзам актыларында "конкурс" түшүнүгүн камтыган 13 мыйзамга өзгөртүүлөр киргизилиши каралып жатыптыр. Ал эми мамлекеттик сатып алуулар боюнча ыйгарым укуктуу органга мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү мыйзамдарды колдонуу жөнүндө суроо-талаптар боюнча жазуу жүзүндөгү түшүндүрмөлөрдү берүү функциясы жүктөлөт экен.

**Шекербек КАЛЫКОВ**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТЕСКЕМЕСИ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 24-июлундагы №127 тескемесин ишке ашыруу максатында, "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 17-беренесинин 3-бөлүгүнүн 13-пунктун, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун тиркелген типтүү тартибинин 14-пунктунун 3-пунктчасын жетекчиликке алып, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык:

**1.** "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коому тарабынан өндүрүлүүчү мунай продукттарынын тизмеси тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коому тиркемеге ылайык тизмеде көрсөтүлгөн мунай продукттарын жеткирүүчү катары аныкталсын.

**3.** Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинен каржылануучу мамлекеттик органдарга, бюджеттик уюмдарга жана мамлекеттик мекемелерге, жергиликтүү бюджеттен каржылануучу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, атайын эсептери жана фонддордун каражаттары бар уюмдарга, ошондой эле мамлекеттик каражаттардын, мамлекеттик органдардын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын каражаттарынын эсебинен түзүлгөн башка юридикалык жактарга түздөн-түз "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунан бир булактан методу менен ушул тескеменин 1-пункту менен бекитилген тизмеге ылайык мунай продукттарын сатып алууларды жүзөгө ашыруу жөнүндө талаптар белгиленсин.

**4.** Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталында мамлекеттик катышуу үлүшү 50 жана андан ашык пайызды түзгөн акционердик коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коомунан ушул тескеменин 1-пункту менен бекитилген тизмеге ылайык мунай продукттарын сатып алууну жүргүзүү сунушталсын.

**5.** Бул тескеменин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6.** Бул тескеме кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет жана эки жыл колдонулат.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 26-июлу, №437-т***

Көйгөй



# КЕРЕКТӨӨЧҮЛӨР КАПЧЫГЫН КАНТИП ҮНӨМДӨЙТ?

Кыргызстандыктар баалардын жогорулап кетишин негизги көйгөй деп эсептейт. Бул тууралуу АКШнын Эл аралык республикалык институтунун сурамжылоосунда айтылды.

Уюм ушул жылдын 5-майынан 25-майына чейин адамдардын үйүндө бетме-бет маектешүү жолу менен сурамжылоо жүргүзгөн. Ага 18ден жогорку жаштагы 1500гө жакын кыргызстандык катышкан. "Бүгүнкү күндө биздин өлкө дуушар болгон эң олуттуу көйгөй кайсы?" деген сурамжылоого катышкандардын 28%ы баалардын кымбатташы, 14%ы коррупция деп жооп берген.

Чындыгында эле баалардын кымбатташы коомчулук үчүн негизги маселелердин бири. Анын үстүнө быйыл сезондук товарлардын да кымбат болушу байкалууда. Эмне үчүн азыр сезондук товарлар кымбат? Мисалы, дарбыздын баасы кандай себептер менен төмөндөбөй жатат? Биздин Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын төрагасы Кеңешбек Тайлаков жооп берди:

- Туура, быйыл сезондук товарлардын да баасы кымбат болууда. Мага күндө эмне үчүн быйыл дарбыз, жашылчалардын баасы төмөндөгөн жок деген суроолор берилип жатат. Мунун түшүндүрмөсү бар. Кыргызстан рыноктук шартта жашайт. Учурда фермерлердин да чыгымы көбөйүп, алар өндүргөн товар базарга келип, ортомчулар аркылуу дагы башка дүкөндөргө таратылганча баалар көтөрүлүп кетип жатат. Биз барып силер бааны түшүргүлө деп талап коюп, товарлардын баасын жасалма түрдө түшүрө албайбыз. Анткени, алар да товарды керектөөчүлөргө жеткирүүдө чыгымга учурап жатышат. Баалардын өсүү шартында керектөөчүлөр өздөрү тандоо жолу менен абалды жөнгө салса болот. Мисалы, жашылчаларды дүң базарлардан сатып алуу жолу менен капчыгын бир топ үнөмдөсө болот. Учурда кумшекер кымбат дегендер бар. Бирок, бул товардын баасы биздин өлкөдө кошуна өлкөлөргө караганда бир топ арзан. Баалардын өсүшүнө сырткы жана ички жагдайлар таасир берет. Логистикалык чыгымдар, жол чыгымдары сырткы факторлорго кирет. Салыктык жеңилдиктер берилип, айыл чарбасын колдоо сыяктуу иш-аракеттер ички баанын өзгөрүшүнө алып келет. Сезондук факторлор түшүмдүүлүккө карайт. Мисалы, дарбыз кышында кымбат, ал эми азыр арзан. Баалар ушинтип ар кандай болуп өзгөрүп турат.

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО



Алыскы аймакта

**Лейлек райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы–акими Алмазбек РАХМАНКУЛОВ:**

# "Эл Президентке ыраазы"

**Лейлек районунун калкы акыркы эки жылдын аралыгында оор сыноолорду баштан кечирди. 2021–2022-жылдардагы чек ара жаңжалдарындагы кандуу окуялардан Тажикстанга чектеш Максат айылы эки жолу кыйроого учураса, Жаңы-Жер жана Кулунду айыл аймактарынын бир катар айылдарында 2022-жылдын 28-30-апрелдеги тажик аскерлеринин аткылоосунан улам турак үйлөр, короо-сарайлар жараксыз абалга келип, кайрадан тургузулду. Айтканга оңой болгон менен оор күндөрдү баштан кечирген эл сабырдуулугу, мекенчилдиги менен баарын жеңди.**

Бүгүн Лейлек районундагы кыйроого учураган айылдар калыбына келтирилип, 100 үй жаңыдан курулду. Мүңкүрөп калбастан, тескерисинче, чыңалган эл өнүгүүгө карай багыт алды. Райондун борборуна улуу инсан Исхак Раззаковдун ысымы ыйгарылды, инфраструктурасы жакшырды. Стратегиялык мааниге ээ 130 чакырымдык ички жолдор курулуп, пайдаланууга берилди. Саркенттин суусун тоннель аркылуу алып өтүү, райондун келечеги – ирригациялык тармактарды кыска аралыктарда оңдоо, кайра куруу аркылуу жаңы жерлерди өздөштүрүү маселелери Президенттин жана Министрлер Кабинетинин колдоосу менен жүзөгө ашууда. Биз бул багытта Лейлек районунун акими Алмазбек Рахманкулов менен баарлаштык.

**- Алмазбек Рахманкулович, чынында эле Лейлек эли оор сыноолорду баштан кечирди. Өзгөчө акыркы эки жыл аралыгындагы чек ара жаңжалдары, ошого удаа эле жаз алдындагы табигый кырсыктар элдин маанайын чөктүрбөдүбү?**

- Тескерисинче, "бул менин жерим, бул жерде биздин ата-бабаларыбыздын изи калган" дешип, элибиздин мекенчилдиги да, эмгекчилдиги да эки эсе артып, быйылкы жылдын түшүмүн жыйноо менен алектенишүүдө. Кудай буюруп, быйылкы жыл жемиштүү болду. Айрыкча дыйканчылык менен багбанчылык багытында. Өткөндө Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров жабыр тарткан айылдардагы курулуштар менен таанышканы келип, капысынан эле пияз өстүргөн дыйкандарыбыз менен баарлашып калды. 1 гектар аянттан 100 тонна пияз өндүрүшкөн кулундулук дыйкандардын маңдай тер төккөн акыбетин көрүп, аябай ыраазы болуп кетти. Арка өрөөнүндөгү мөмө-жемиштер дагы түшүмдүү болду. Буюрса элибиздин маанайы абдан жакшы.

**- Жаңжалда жабыр тарткан жарандардын үйлөрү толук бүткөндүр?..**

- Ооба, толук бүттү. Азыр ошол жабыр тарткан Максат, Интернационал, Борбордук жана Сада айылынын тургундарынын дээрлик 95 пайызы жаңы үйлөрүндө жашап жатышат. Элибиз Президентибиз Садыр Нургожоевичке өтө ыраазы. Жаңы үйлөр сапаттуу жана бардык шарттары менен курулду. Ал эми жабыр тарткан жарандардын окуя учурунда тонолуп кеткен мал-жандыктары, автоунаалары мамлекет тарабынан төлөнүп берилди. Алган насыялары кечилди. Баткен облусуна берилген өзгөчө макамдын алкагында көп жеңилдиктер берилди. Ошого удаа эле ири долбоорлор ишке ашып, Лейлек районунун өнүгүү мүмкүнчүлүгү кеңейүүдө.

**- Ири долбоорлор дедиңиз, жакынкы жана келечекте кандай өзгөрүүлөргө күбө болобуз?**

- Ачыгын айтканда элибиз да, коомчулук да Лейлектеги чоң өзгөрүүлөргө күбө болууда. Райондун борборунун инфраструктуралык түзүлүшүн кыска аралыкта өзгөрттүк. Шаарга кире беришине коюлган Исхак Раззаковдун эстелигин эске албаганда эле шаардын чок ортосуна коюлган Исхак Раззаковдун айкели, эс алуу багыгындагы борбордук стадион, райондук акимиаттын алдындагы аянттар реконструкцияланып, сырттан келгендердин көңүлүн тазалыгы, кооздугу, элдин ынтымагы менен буруууда. Сөз кезеги келгенде биздин райондун борбору Раззаков шаарын жаңылоого кошкон салымы үчүн Ош шаарынын мэриясына терең ыраазычылык билдирем. Анткени, мэрия тарабынан бизге 2 млн сомдон ашык каражат беришти. Ошого удаа эле Лейлек районунун кулуну, коомдук ишмер Замирбек Осмоновго жалпы элибиздин атынан рахмат айтам. Бул инсан дал ошол шаарыбызга көрк да, сүр да берип турган бийик Раззаковдун айкелин куруп берди. Ал эми айкел орнотулган борбордук аянтыбыз да райондук администрациянын аракети менен оңдолду. Буюрса аймагыбыз өнүгүү жолунда.

Адилеттүүлүк үчүн айта кетейин, жакында эле Президенттин демилгеси менен Раззаков аэропортуна "өзгөчө стратегиялык маанидеги" статусу берилди. Жакынкы эле жылдарда эл аралык алкакта кызмат көрсөтүүчү аэропортубузду кеңейтүү үчүн кошумча дагы 225 гектар жерди бөлүп берүү каралат. Мындан тышкары, Лейлек районуна кошумча дагы 16435 гектар кайрак жерлерди өздөштүрүү үчүн Саркенттен тоннель аркылуу 4800 метр тоону тешип, суу алып келүү үчүн ири ирригациялык долбоорду ишке ашырабыз. Бүгүнкү күндөгү Лейлек району боюнча 33000 га, анын ичинен 9000 га аянты гана суулуу экендигин эске алсак, Саркент долбоору Лейлектин келечеги деп айтсак болот.

Бизде мындан тышкары кол тие элек кен байлыктарыбыз көп. Ошондуктан Лейлек районунун өнүгүү планынын негизинде цемент жана айнек чыгаруучу заводдорду куруу планыбыз ишке ашат. Эң башкысы, бизде тынчтык болсо, аймагыбыздын өнүгүү мүмкүнчүлүгү өтө кенен.

**- Быйылкы жылы 130 чакырымдык ички жолдорду курдук деп айттыңыз...**

- Быйылкы жыл чын эле биз үчүн өзүнчө эле жол курууунун жылы болуп калды. Буга чейин көңүл бурулбай келген көп айылдардын жолун оңдодук. Мындан тышкары жаңы жолдорду курдук. Мурда Тажикстан аркылуу бөөдө убакыт, каражат коротуп 125 чакырымдык Шырыкты – Мурас, Бешкент – Жаштык, Жаштык – Беш Мисте – Жаңы-Жер жолдорунун 29 чакырымын бүтүрүп, калкыбызды көп түйшүктөн арылттык. Ал арада көпүрөлөр, чакан ГЭСтер курулууда. Быйыл 7 мектеп курулуп жатат. Алардын 4ү жаңы окуу жылына пайдаланууга берилет. Ал эми саламаттыкты сактоо тармагындагы дагы бир жагымдуу жаңылык, Кулунду ооруканасы толук жаңыланып, заманбап медициналык жабдыктар менен камсыздалат.

**Адылбек АКМАТОВ**




## Пакистандагы теракт

Пакистандын түндүк-батышындагы жанкечтинин бомба жардыруусунан 44 адам мерт болуп, дагы 200дөн ашык адам жараат алды. Окуя Ооганстан менен чектеш Бажаур аймагындагы Хар шаарында "Ислам улем жамааты" диний партиясынын тарапкерлери саясий митингге чогулган учурда болгон. Жанкечти аталган партиянын лидери сүйлөп жатканда өзүн жардырып жиберген. Азырынча бул терактка жоопкерчиликти эч бир уюм өзүнө ала элек.

## Москвага чабуул

Москванын мэри Сергей Собянин 30-июлга караган түнү шаарга украиналык учкучсуз учактар чабуул жасаганын билдирди. "Москва шаарындагы эки кеңсе мунарасынын фасаддары бир аз талкаланган. Жабыркагандар жок", - деп жазды Собянин Telegram каналында. Өзгөчө кырдаалдар кызматы Око-2 мунарасындагы жардыруудан бир кызөтчү жабыркаганын кабарлады. Имараттын өзүндө биринчи кабаттан төртүнчү кабатка чейин айнектер сынган. Орусиянын Коргоо министрлиги Москвага кол салууга үч учкучсуз учак катышканын билдирди.

## Түрк тилдеринин дүйнөлүк күнүн негиздөө сунушу

БУУнун Башкы ассамблеясынын 78-сессиясында Түркмөнстан Түрк тилдеринин дүйнөлүк күнүн негиздөөнү сунуштайт. Бул тууралуу өлкөнүн тышкы иштер министри Рашид Мередов түркмөн өкмөтүнүн отурумунда билдирди. Эске салсак, БУУнун Башкы ассамблеясы 78-сессиясы Нью-Йоркто 12-сентябрда башталат. Түркмөнстан буга чейин БУУнун Башкы ассамблеясы кабыл алган бир катар резолюцияларды демилгечиси болгон. Анын ичинде Ашхабаддын демилгеси менен Дүйнөлүк велосипед күнү, Туруктуу транспорттун дүйнөлүк күнү жана башкалар бар.

## Чоң футболдогу өзгөрүү

Марокколук футболист Нухайла Бензина тарыхта хиджаб кийип улуулар арасындагы Дүйнө чемпиондугунун беттешине чыккан биринчи аял болуп калды. Ал Австралиянын Аделаида шаарында өткөн чемпиондуктун "Н" тайпасынын экинчи айлампасында Түштүк Корея менен беттеш учурунда хиджапчан футбол талаасына чыккан. ФИФА 2012-жылы хиджаб кийүүгө тыюу алып салуу чечимин кабыл алган жана эрежелерге 2014-жылы тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилген эле.

**Даярдаган**
**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

Асылдык ээси – апалар

КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер, А.Осмонов, Ж.Мамытов атындагы республикалык, ТҮРКСОЙ эл аралык уюмунун Абай атындагы адабий сыйлыктарынын ээси, акын Фатима АБДАЛОВА:

# “МЕН ДҮЙНӨНҮ АПАМ МЕНЕН ТААНЫДЫМ”




Ар бир акындын кайрылгысы келе берген, жазганга кумарланган өзүнүн темасы болот эмеспи. “Менин Апам”, “Күн бала”, "Карыган Апам менен кадырлашкан күндөр" аттуу поэмаларын, ырларын окуп отуруп Фатима эже эне-бала темасын сүйгөн, айрыкча энеге болгон сүйүүнүн ажайып дүйнөсүнө сүңгүгөн калемгер экенине ынанабыз. Энени көзүнүн карегиндей бапестеген ак жаркын акындын азыноолак маегин окурмандарга сунуштамакчыбыз.



**- “Мен дүйнөнү апам менен тааныгам” деген ырыңызды “Эне тууралуу гимн” деп да айтып жүрүшөт. Бул ырдын таржымалынан кеп салып бербейсизби?**

- Студент кезимде апамды сагынсам эле көйнөгүнүн гүлдөрү көз алдыма тартылып, куса боло берчү элем. Кийин өзүм балалуу болуп, баламды эмизип отурганда бөбөктөрдүн өзүнө гана тиешелүү керемет дүйнөсү болорун байкадым. Бешалты айлык бала талпынып калат эмеспи, көйнөгүмдүн гүлдөрүн кармаймын деп умтулат. Көрсө ооздук, сулуулук эне менен кошо бир жүрөт экен. Бул ыр эс тутумумда түбөлүккө жашап калган апамдын көрктүү элесинен улам жаралып калды.

**- Ырчылар обону менен ырдап чыкканда апа кандай кабыл алды? Сүйүндүбү?**

- Бул ырга обон жазылып, жаңыдан обого чыкканда апама угузуу мага да кызык болду. Кулакчынды берип: “Угуңуз апа, сизге арналган ыр обону менен радиодон, теледен жаңырып жатат” дедим. Апам угуп отуруп ойго батып кетти. Бир маалда “дагы коюп берчи” дегенинен кайталап угуздум. Аягында “Жактыбы, сизге?” десем, “Жакты, балам, жакты... Оо-ой, бул ырыңды угуп отуруп өзүмдүн апамды эстедим. Апам мен он алтыга чыкканда, келин кезинде эле өтүп кеткен. Не бир түркүнтүстүү көйнөктөрү болор эле, ошол көйнөктөрүнүн гүлдөрү көз алдыма тартылды. Дүйнөдөн кайтар күнү көгүш гүлдөрү бар көйнөктү кийип жаткан болчу, ошону эстедим ...” деп көзүнө жаш алды.

**- “Мен дүйнөнү апам менен тааныгам” деген аталыштагы китебиңизди окуп олтуруп, апаңыз менен эне-кыз катары өтө ысык болгонуңузду байкадым...**

- Менин энем өзгөчө мээримдүү, балага үзүлүп түшө калган эне болчу. “Чындыкты туу тутkun, калыс бол, жалган, ушак сөздөрдөн алыс бол” деп айтчу. Көрсө поэзия өзү ошол сапаттарды талап кылат экен да. Апам да жаш кезинен ыр жазчу экен. Кийин согуш башталып кетип, ата-энеден да эрте ажырап, жазбай калыптыр. Менин уланбай калган ырымды балдарымдын бирөөсү улап кетсе деген изги тилек жан дүйнөсүндө жашаса керек деп ойлойм. Табият менен сүйлөшкөндү, жаныбарларды аяганды да апамаn үйрөндүм. Кайып дүйнөнү түшүнө алган, аян алып жүргөн, касиеттүү жагы бар эле. Бир айылдашым “Сенин энең балдарын сыйлап чоңойтту, андан кийин неберелерине сый мамиле кылган нарктуу байбиче” деди эле. Апам Гүлайым Маман кызы 97ге чыгып дүйнө салып, 101 жаш деп коюлду. Апама арнап көзү тирүүсүндө жараlган, кийин жоктоо ырларын кошкондо жүздөн ашык ыр жазыптырмын, бирин окуп берейин:

*“Көйнөгүңдү апаке, кийип алдым,*
*Көйнөгүңөн көкүрөк жытыңды алдым.*
*Таппай калып өзүңдү кусалансам,*
*Көйнөгүңдүн жытынан канием алдым.*

*Жоолугуңду апаке, салынып алдым,*
*Жоолугуңан тал чачтарың таап алдым.*
*Тал чачтарың өпкүлөп, кутудагы*
*Чогултуп жүрчү чачтарыңа*
*кошуп салдым.*

*Чапаныңды апаке, кийип жүрөм,*
*Чапаныңан ушүбөй жылып жүрөм.*
*Кулагымда кулпурган алтын сөйкөң,*
*Апама окшоп калдым деп күлүп жүрөм.”*

**- Өзүңүз назик акын боло туруп токсонунчу жылдардагы кыйынчылыкта үч бала менен жалгыз бой канттиңиз экен?**

- Ал мезгилде жалпы эл тарткан түйшүктөрдү баарыбыз эле тарттык. Жаныма келип кучактап, мойнума оролуп, күлдүргөнгө, эркелеткенге аракет кылып турган жанга окшотом – Ырды. Андагы кыйынчылыкты апамдын деми-күчү, балдарымдын каткырык-күлкүлөрү, анан поэзия менен жеңип кеттим деп ойлойм. Поэзия керек болсо укмуштай кыйынчылыктарды жеңүүгө жардам берет. Анткени, Кудайдын кудурети менен келген улуу дүйнө.

**- Көрк десе көркү, акыл десе акылы бар жаш аялзатынын колун сурагандар көп эле болгондур. Экинчи ирет бактыңызды сынап көргүңүз келди беле?**

- Биздин жаштык курагыбыз токсонунчу жылдардагы кыйынчылык учурга туш келди. Жеке тагдырда дагы түйшүктөр болуп кетти. Ал учурда жаш кез, кимдир бирөөнүн мээримине, колдоосуна муктаж учурлар болгон. Бирок колумду сураган кишилер менин ишеничимди жандыра алышкан жок. Кынтыксыз ишениш үчүн, алар балдарымды дагы сүйүшү керек эле. Өзүмдү сүйдүрүп, балдарым четте калышын каалаган жокмун. Мен анда бактылуу боло алмак эмесмин. Бүгүнкү күндө карап туруп, ошол кезде кимдир бирөөгө жанашуу бакыттын-бакытындай көрүнгөн экен деп калам. Балдарымдын тынчтыгын, күлкүсүн, бейпил дүйнөсүн бузбай бапестеп чоңойтуу – менин бактым болду.

**- Маркум обончу Шамшыбек Өтөбаев менен да чыгармачылык алакада болгон экенсиз. Экөөңүздөрдүн чыгармачылык жемишиңиздер болгон “Кат жазчы мага” деген белгилүү ыр жөнүндө да айта кетсеңиз?**

- Ыйманы саламат болсун, Шамшыбек акем сөздү тандап обон жараткан чоң композитор эмес беле. Мага өтүнүч менен кайрылып, катуу талап койду: “Фатима, мага жан дүйнөнүн тереңинен чыккан, кусалыкка баткан, сагынычтан көкүрөк үзүлгөн ыр жазып бербейсиңби? Ушундай ыр сенин колуңдан келет эле” деп калды. “Аке, мен жаза албай калсамчы? Сиздин талабыңыз да өтө жогору экен. Анан калса, сиз мырзасыз, мен аялзатымын, эркек кишинин атынан жаза албайм” десем, “Жок, кыз бала катары жаза бер. Сенин жан дүйнөң эркиндик бердим” деди. Жазып бүтүп ырды окутсам ал кишиге абдан жакты. Обон мурда эле жазылган экен. Бул ыр чындыгында айымдардын атынан жазылган, кусалыкка, сагынычка баткан ыр. Кыялында багып жүргөн мырзага карата таарынычы, сагынычы бар. Бул ыр дагы элибизге алынган, сүймөнчүк ырлардын бири болуп калды.

**Афина БАКИРОВА**

Сыйлык-сыймык

# ТҮРКСОЙ СЫЙЛЫГЫ КАЛЕМГЕРЛЕРГЕ

Жакында кыргыз адабиятына, маданиятына салым кошкон бир топ акын-жазуучуларга ТҮРКСОЙ уюмунун эл аралык сыйлыктары ыйгарылды. Сыйлыкты баш катчы Султан Раев тапшырды. Айрым калемгерлердин учурдагы чыгармачылыгы жана ТҮРКСОЙ сыйлыгы тууралуу эки ооз сөзүн уктук.

**Кыргыз Республикасынын эл акыны Бактыгүл ЧОТУРОВА:**

## “Жакшы сөз угуу жан дүйнөнү жыргатат”

- Чыгармачылык деген суунун агымындай токтобогон, колго кармалбай турган нерсе эмеспи. Мен дагы жаңы ыр жыйнак даярдап жатам. Эки пьеса бар. Анан мемуар дегенчелик дагы бир китеп жаздым. Мен чыгармачылыктын алгачкы кадамынан, чырпыктай кезден күндөлүк жазчу элем. Азыр ошолорду ачып карасам укмуштай күндөрдү өзүм да унутуп калыптырмын. Көпчүлүгү тарыхый инсандар менен пикирлешип-сырдашуудагы ирмемдер, калемдештер менен күлкүлүү окуялар, жылдыздуу саатттар экен, эстеп алып, ушундай бир китеп кылайын деп чечтим. Эми бул китептерим жарыкка чыкканда окурман журтчулук өзү таразалаар.

Тектеш элдердин рух байлыгынын алтын көпүрөсүнө айланган ТҮРКСОЙ эл аралык уюмун жетектөө жана уюмдун 30 жылдык маарекесин белгилөө кыргыздын белгилүү жазуучусу Султан Раевге туш келиши жалпы кыргыз журтчулугу үчүн чоң сыймык. Чыгармачыл чөйрөбүз үчүн айрыкча көңүл толорлук окуя. Улуттун жүзүн маданияты таанытат, көркөм өнөр элдердин достугун, биримдигин, ынтымагын бекемдейт демекчи, кыргыз улутунун жүзү болгон көркөм өнөр ээлеринин тагдырында кубаныч жаралып, чыгармачылык ишине дем берген иш-чаралар өтүп жатат. Атап айтканда авторлордун китептеринин жарык көрүшү, залкар таланттардын маарекелик салтанаттары, фестивалдар, симпозиумдар ж.б. даңазалуу иш-чаралардын өткөрүлүп жатышы чыгармачыл инсандарга чоң колдоо. Учурда көптөгөн талантуу калемгерлерге ТҮРКСОЙдун сыйлыктары тапшырылды. Алардын катарында мен дагы болгонума кубандым. Жакшы сөз угуу жан дүйнөнү жыргатат. Рахмат ТҮРКСОЙ уюмуна, дүйнөлүк кадыр-баркы арта берсин!

**Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер Топчугүл ШАЙДУЛЛАЕВА:**

## “Сыйлыкты күткөн эмесмин”

-Азыр жаңы аңгемелерди жазып атам, кезектеги дагы бир жыйнакты чыгарсам деген ой бар. Жакында белгилүү кинорежиссор Актан Арым Кубаттын сунушу менен менин аңгемелеримдин негизинде "Кызыл өрүк" аттуу киносценарий даярдалды. Режиссер фильмди Баткенден тартууну пландап жатат.

Эл аралык ТҮРКСОЙ уюму абдан жигердүү иштеп жатат. Айрыкча Баш катчылыкка КР Эл жазуучусу Султан Раев келгенден бери көркөм адабиятка көп көңүл бурулууда. Ал үчүн Баш катчыга ыраазылык айтабыз. Түрк дүйнөсүнүн өнүгүшүнө кошкон салымым үчүн сыйлык алуу мен үчүн да өтө сыймыктуу болду, чынын айтсам күткөн эмесмин. Мындай сыйлык, албетте, чыгармачылыкты дагы да өстүрүүгө, өнүктүрүүгө сүрөйт, дем берет. ТҮРКСОЙ уюму тарабынан жакында менин "Эки эшиктүү үй" деген китебим түрк тилинде жарыкка чыканы турат. Ал үчүн да чоң ыраазылык айтам.

**Алыкул Осмонов атындагы сыйлыктын ээси Бурулкан КАРАГУЛОВА:**

## “Окурмандарым – эң чоң сыйлыгым”

- Менин негизги темам – махабат. Дале болсо бул темада ырларды жазып атам. Улгайганым али сезиле элек. Мындан башка туулган жерим, жок болуп кеткен айылым, үйүмдүн суу астында калганы, атамдын сөөгүн казып алып кайра башка жайга койгонубуз сыяктуу армандуу ырларым да бир топ.

ТҮРКСОЙ уюмунун эл аралык Низами атындагы сыйлыгын алам деп эч ойлогон эмесмин. Үч уктасам түшүмө кирген эмес. Бирок, насип буйруп алып калдым. Буга чейин ырларын ачык жазат деп мага эч кандай наам, сыйлык берилбей келген. Быйыл Кудай жалгап Алыкул Осмонов атындагы сыйлыгын да алдым. Окурмандарым көп, ошолор менин эң чоң сыйлыгым.

**Өмүрбек ТИЛЛЕБАЕВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## «КҮРӨӨ ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2023-жылдын 22-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

«Күрөө жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2005-ж., №6, 377-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

35-статьянын 3-пунктунун 5-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«5) мамлекеттик мекемелердин жана ишканалардын, уставдык капиталында мамлекеттин катышуу үлүшү бар чарбалык коомдордун (туунду коомдордун) карамагындагы гидроэлектр станцияларынын жана суу сактагычтардын имараттарын жана курулмаларын кошпогондо, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында кыймылсыз мүлккө таандык болгон башка мүлк.».

**2-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 26-июлу, №150***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

### О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЯ В ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «О ЗАЛОГЕ»

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 22 июня 2023 года*

**Статья 1**

Внести в Закон Кыргызской Республики «О залоге» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2005 г., №6, ст. 377) следующее изменение:

подпункт 5 пункта 3 статьи 35 изложить в следующей редакции:

«5) иное имущество, отнесенное законодательством Кыргызской Республики к недвижимому имуществу, кроме зданий и сооружений гидроэлектростанций и водохранилищ, находящихся в ведении государственных учреждений и предприятий, хозяйственных обществ (дочерних обществ) с государственной долей участия в уставном капитале.».

**Статья 2**

Настоящий Закон вступает в силу со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 26 июля 2023 года, №150***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2011-ЖЫЛДЫН 23-СЕНТЯБРЫНДАГЫ №571 "МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИКТЕ ТУРГАН ЖЕР УЧАСТОКТОРУНА МЕНЧИК ЖЕ ИЖАРА УКУГУН БЕРҮҮНҮН ТАРТИБИ ЖАНА ШАРТТАРЫ ЖӨНҮНДӨ ТИПТҮҮ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2022-жылдын 30-ноябрындагы чечимин аткаруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 "Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө типтүү жободо:

- 39-пунктта:

мамлекеттик тилдеги текст төмөнкүдөй мазмундагы төртүнчү абзац менен толукталсын:

"Тооруктa жер участогуна ижара укугу берилген учурда комиссия аныктаган ижара акысынын өлчөмү старттык нарк болуп саналат.";

мамлекеттик тилдеги текстте төртүнчү абзац бешинчи абзац болуп саналсын;

бешинчи абзац төмөнкүдөй мазмундагы экинчи сүйлөм менен толукталсын: "Комиссиянын протоколунун негизинде ыйгарым укуктуу орган 3 күндүн ичинде жер участогун тоорукка коюу же жер участогун түз сатуу жолу менен берүү жөнүндө чечим кабыл алат.";

төмөнкүдөй мазмундагы алтынчы абзац менен толукталсын:

"Комиссия жер участогун тоорукка коюудан же жер участогун түз сатуу жолу менен берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алган учурда, комиссия баш тартууну негиздөө менен протоколду тариздейт. Комиссиянын протоколунун негизинде ыйгарым укуктуу орган 3 күндүн ичинде жер участогун тоорукка коюудан же жер участогун түз сатуу жолу менен берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алат.";

- 55-пункттагы "Тооруктан баш тартылган учурда ыйгарым укуктуу орган" деген сөздөр "Комиссиянын протоколунун негизинде ыйгарым укуктуу орган 3 күндүн ичинде тоорук өткөрүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алат жана" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 63-пункт төмөнкүдөй мазмундагы жетинчи абзац менен толукталсын:

"- утулуунун себебин көрсөтүү менен жеңүүчү деп таанылбаган тооруктун катышуучусунун аты-жөнү же аталышы.";

- 65-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"65. Тооруктун жана түз сатуулардын жыйынтыгы жөнүндө протоколдун негизинде ыйгарым укуктуу орган ага кол коюлган күндөн тартып 3 жумуш күндүн ичинде:

- тооруктун жеңүүчүсү же жер участогун түз сатуу жолу аркылуу сатып алуучу менен жер участогун сатып алуу-сатуу же ижаралоо келишимин түзүү жөнүндө чечим кабыл алат;

- тооруктун жеңүүчүсү же жер участогун түз сатуу жолу аркылуу сатып алуучу менен жер участогун сатып алуу-сатуу же ижаралоо келишимин түзөт;

- жеңүүчү деп таанылбаган тооруктун катышуучусуна себептерин көрсөтүү менен жазуу жүзүндө жер участогуна менчик же ижара укугун берүүдөн баш тартууну берет.".

**2.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 24-июлу, №374***

## АГЕНТСТВО РАЗВИТИЯ И ИНВЕСТИРОВАНИЯ СООБЩЕСТВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ (АРИС)

**Международная ассоциация развития (МАР)**

**Проект «Устойчивого развития сельского водоснабжения и санитарии – Дополнительное финансирование» (ПУРСВС-ДФ)**

**ОБЪЯВЛЯЕТ КОНКУРС НА ВАКАНТНЫЕ ПОЗИЦИИ:**

- **Консультант по работе с сообществами и домохозяйствами в под-проекте «Григорьевка» села Григорьевка, Иссык-Кульского района Иссык-Кульской области (Полевой сотрудник по санитарии);**
- **Консультант по работе с сообществами и домохозяйствами в под-проекте «Бексе-Джол» селах Бексе-Джол, Кайырма и Бекитай Жайылского района Чуйской области (Полевой сотрудник по санитарии);**
- **Консультант по работе с сообществами и домохозяйствами в под-проекте «Кюрменти» в селе Кюрменти Тюпского района Иссык-Кульской области (Полевой сотрудник по санитарии);**
- **Консультант по работе с сообществами и домохозяйствами в под-проекте «Кичи-Бюлелю» в селе Кичи-Бюлелю Алайского района Ошской области (Полевой сотрудник по санитарии).**

Минимальные требования, предъявляемые к кандидатам, можете узнать на нижеуказанном сайте АРИС.

Заинтересованные кандидаты должны зарегистрироваться/авторизоваться в качестве Кандидата на вакансию на сайте АРИС и подать заявку на участие в данном отборе прикрепив резюме на русском и английском языках, с указанием контактного телефона и электронной почты, до **18.00 часов 15 августа 2023 г.**

По возникшим вопросам обращаться по ниже указанным контактным данным:

**Агентство развития и инвестирования сообществ Кыргызской Республики**
**720040, г. Бишкек, ул. Боконбаева, 102, кабинет №11,**
**тел.: + 996 (312) 62-07-52, 30-18-05 (153),**
**факс: + 996 (312) 62-47-48,**
**e-mail: zakupki@aris.kg**

С/О-858

## ОАО МИКРОФИНАНСОВАЯ КОМПАНИЯ «САЛЫМ ФИНАНС»

(г. Бишкек, пр. Манаса, 40)

инициирует второе публичное предложение именных привилегированных акций (IPO):

- Государственный регистрационный номер: **KG 0302213010**
- Количество акций: **75 000 экземпляров**
- Цена размещения одной привилегированной акции определяется Советом директоров, но не ниже номинальной стоимости **1 000 сом**
- Размер дивиденда по одной привилегированной акции – **190 сом в год**
- Определение размера дивиденда: установленная доходность может быть рассмотрена и установлена ежегодно, но не ранее 3-х лет с начала выпуска
- Дата начала размещения акций: **10 августа 2023 года**

Ознакомиться с условиями публичного предложения и проспектом эмиссии, а также приобрести акции можно через андеррайтера выпуска – ОсОО ФК "СЕНТИ" (лицензии ГСРНФР при Правительстве КР №172, 173) по адресу: **г.Бишкек, пр.Чуй, 219, 9-й этаж.**

**Телефоны: (0559) 61-00-25, (0700) 61-00-25, (0312) 61-00-25.**

Более подробная информация на сайтах **www.salymfinance.kg, www.senti.kg**

Именные привилегированные акции зарегистрированы Государственной службой регулирования и надзора за финансовым рынком при Министерстве экономики и коммерции Кыргызской Республики (г. Бишкек, пр. Чуй, 114) и внесены в Единый государственный реестр ценных бумаг Кыргызской Республики 28.07.2023 года.

***Аманкулова Чолпонай Турдубаевнага тиешелүү мам.актысы Ч №183136 (27.01.2009-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П-318

***В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Тажимырзаев Мирбек Мунарбекович №159784 (1995 г.) считать недействительным.***

Н-495

***В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Мусамамбетова Эльмира Мамешовна код ОКПО 30307799, ИНН 12302197200532 считать недействительным.***

Н-492

***В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Асанова Бактыгуль Исмаиловна код ОКПО 29242095, ИНН 12308196000358 считать недействительным.***

Н-496

***Акматалиев Туратбек Акматалиевичке тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгү код ОКПОсу 24312230 (2006-ж.), ИНН 21707197100788 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Н-491

***"Жашоо кошуу" Медициналык борбору" ("Жизнь Плюс") ЖЧКсына тиешелүү жер участогун убактылуу пайдалануу укугу жөнүндөгү күбөлүгү серия В №0105330 (13.03.2023-жылы берилген) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Н-494

***Эрнист уулу Акжолтойго тиешелүү мам.актысы Ч №1165771 сатуу жана сатып алуу келишими №203-2022-7626 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Н-493

## АГЕНТСТВО РАЗВИТИЯ И ИНВЕСТИРОВАНИЯ СООБЩЕСТВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ (АРИС)

**Международная ассоциация развития (МАР)**

**Проект устойчивого развития сельского водоснабжения и санитарии – Дополнительное финансирование (ПУРСВС-ДФ)**

**ОБЪЯВЛЯЕТ ТЕНДЕР НА СТРОИТЕЛЬНЫЕ РАБОТЫ:**

**Дополнительные работы по реабилитации системы водоснабжения в селе Корул Алайского района Ошской области.**

Заинтересованные правомочные участники могут получить дополнительную информацию в Агентстве развития и инвестирования сообществ Кыргызской Республики, Исполнительный директор, Наспеков Марс Дамирович, e-mail: **zakupki@aris.kg** (с копией на: **edjakypbekov@aris.kg**) и изучить тендерную документацию в рабочее время с **9.00 до 18.00 часов** по указанному ниже адресу.

Заинтересованные правомочные участники торгов могут получить полный пакет Тендерных документов на русском языке после регистрации/авторизации на сайте АРИС **www.aris.kg**

Конкурсные предложения должны быть доставлены по указанному ниже адресу до **11.00 часов 15 августа 2023 года**. Предложения, полученные после указанного срока, будут отклонены.

**Агентство развития и инвестирования сообществ Кыргызской Республики**
**г. Бишкек, ул. Боконбаева, 102,**
**тел.: + 996 (312) 62-07-52, 30-18-05 (153),**
**факс: + 996 (312) 62-47-48,**
**e-mail: zakupki@aris.kg**

С/О-858



Жер жүзүндө бардык эле адамга табият атайын талант арнап, баа жеткис өнөр тартуулай бербесе керек. Ошол тартуу кылынган шык-жөндөмдү ары улай алып кетүү жана келген дөөлөттү туура колдоно билүү өтө оор жана ал ар бир өнөр ээсинин өз колунда.
Табият берген таланты менен адамдык бийик сапаты төп келишкен менин бүгүнкү каарманым Кыргыз Республикасынын Эл артисти, Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, III даражадагы Манас орденинин ээси Анарбек Ибраев агай менен баарлашып олтуруп, ал адамдын жанынан руханий тынчтык жана жылуулукту сездим. Адамгерчиликти, маданияттуулукту, чынчылдыкты, жөнөкөйлүктү жогору баалаган агайым, жашоосундагы эстен кеткис окуялары менен бөлүшүп, өзүнүн бала чагы, студенттик күндөрү, музыкага таштаган биринчи кадамы тууралуу буларды баяндап берди.

БААРЫБЫЗ БАЛА БОЛГОНБУЗ

### Кыргыз Республикасынын эл артисти Анарбек ИБРАЕВ:

# “Жардын кыры мен үчүн даяр акустикалуу сахна эле”

## Эркин жана ээн сахна

Ысык-Көл облусундагы Тепке деген айылда мугалимдин үй-бүлөсүндө төрөлүп өстүм. Кыштактын четинде комуздун тепкесиндей болгон дөбөчөгүз, дөбөчөнүн ортосунда 3 кыл жата турган оюгу бар. Ошондон улам айылыбыз Тепке деп аталып калыптыр. Эсимде, бала кезде кезектешип кой кайтарчубуз. Кезүүнү аябай чыдамсыздык менен күтөөр элем. Анткени мен тоого кой кайтарганы гана эмес, үнүмдү болушунча созуп ырдаганы барчумун. Койлорду жанагы айткан комуздун тепкеси сымал дөңдүн артындагы жарга жайып жиберем да, кырга олтуруп алып созолонто ырдайм. Жардын кыры мен үчүн даяр акустикалуу сахна эле. Ал жерде сени караган эч ким жок. Өзүмдү аябай эркин сезчүмүн. Үнүмдүн болушунча ырдасам оттоп жаткан койлор баштарын көтөрө калчу. Ал койлор менин биринчи көрүүчүлөрүм болду (күлүп).

## “Алмашым” атка конуп калгам

Айылда 8-класска чейин окудум. Ошол учурда “Кутмандуу болсун кечиңер”, “Алтынчы күнү кечинде” аттуу радиоберүүлөрдө жума сайын жаңы ырдын бет ачары болуп турар эле. Бул радиоуктурууларды бүтүндөй айыл эли чыдамсыздык менен күтчү. Мен дагы берүүгө чейин болгон ишимди бүтүрө салып, башталган кезде үйдөгү кичинекей радионун жанына жакын барам да, кулак төшөп олтуруп калам. 1 сааттык берүү, анын ичиндеги жаңы ырды бир угуп эстеп калууга аракет кылам. Мелис аттуу класссташым ырдын текстин бат жазчу. Ал аптанын аягында дагы бир кайталанган жаңы ырдын текстин жазып алып келет, мен болсо обонун жаттап барам. Сабак аяктагандан кийин, же болбосо танапис убагында класстын эшигин жаап алабыз да, класссташтарыбыздын алдында ырдап беребиз. Бир күнү Рыспай Абдыкадыровдун "Алмашым" аттуу жаңы ырын аткарып берсем баарына жагып калды. Ошондон кийин кыздар “Алмашым келе жатат” деп тамашалай беришип, көпкө дейре "Алмашым" атка конуп калгам.

## Музыка чөйрөсүнө биринчи кадам

Айылдан Каракол шаарына келип, Киров атындагы орто мектебинде 9-10-класссты окудум. Мектепте ыр-хор кружогу абдан бийик орунга коюлуп, көркөм чыгармачыл жаатка өтө көңүл бурулчу. Петр Иванович Штрихин деген агайым баян менен ырдатат. Хорго жалгыз гана окуучулар эмес мугалимдерибиз да катышчу. Мени менен чогуу жанымда 2 окуучу бала жана математика сабагынан берген мугалимибиз ырдачу. Эми ойлоп көрсөм өтө таланттуу киши экен. Бизди шык-жөндөмүбүзгө жараша тандап алат да, чогултуп 4 башка үн менен ырдатат. Азыркыга чейин агайымдын үндөрдү кантип бөлүштүрүп, бизге кантип үйрөткөндүгүнө бир чети таң калсам, бир чети өтө баа берип келем. Кароо-сынак баарыбыз үчүн майрам боло турган. Ушундай көңүлдөнүп, кызыгып, даярдык көрүп алып барабыз дагы, ар жолкусунда байгелүү орундарга ээ болуп кайтабыз. Киров орто мектеби ошол кезде окуудан гана эмес, көркөм чыгармачылык жактан да алдыга озуп чыккан таанымал мектеп болчу. Дал ушул кездери менин ырга болгон кызыгуум күн сайын арта баштаган.

## Рыспай Абдыкадыровдун артынан акмалап, ээрчип жүрдүм

Окууну бүткөндөн кийин журналистика факультетине өтүүнү кыялданып келип, тагдырдын буйругу менен филармониянын эстрадалык студиясына тапшырып калдым. Актёрдук жана ырчылык окууга өтүүнү көздөгөн жердештеримди колдоо үчүн барган элем. Ошол жерден Кудайым мени өмүр жолума чыйыр салган улуу адамга жолуктурган экен. Рыспай Абдыкадыровду көргөнүм үчүн кубанычым койнума батпай, бир күн кечке артынан акмалап үйүнө барса үйүнө, базарга барса базарда ээрчип жүрө бергеним эсимде.

Күндөрдүн биринде аккордеон ойноп жаткан жеринен жанына жакын барып: “Мен дагы ырдап берейинчи” дедим. "Алмашымды" бир куплет ырдагандан кийин эле, чертип жаткан аккордеонун коё салып, колумдан жетелеген бойдон филармониянын алдындагы окуу жайдын директоруна алып барды да, “Бул бала окушу керек” деди. Ошентип студияга кирип калдым. Үйдөгүлөргө ырчылыкка тапшырганымды айтканымда, кантсе да мугалимдер эмеспи, жакшы кабыл алып, колдошту. Ырчылыктын олуттуу, ары татаал кесип экендигин айтышып, аны алып кетүү өтө чоң жоопкерчиликти талап кыларын эскертишти. Арадан көп убакыт өтпөй армияга барып келдим. Армияда да ырдап жүрдүм. Андан келип Бүбүсара Бейшеналиева атындагы Кыргыз Мамлекеттик маданият жана искусство университетине тапшырып, жогорку билимге ээ болдум.

## Кээде бир ыр адамдын багын ачат

Студент кезим эле. Бир күнү Жумашпай Касымбеков деген агайым “Болбосо экен”, “Кыздар-кыздар” жана башка 3-4 ырды көтөрүп келди. Ошондо “Кыздар-кыздар” кулагыма башкача, баарынан жагымдуу угулду. Жаккан ырымды көтөрүп алып, азыркы Логвиненко көчөсүндө жайгашкан радиоого бардым да, ырымды жаздырдым. Баягы “Кутмандуу болсун кечиңер”, “Алтынчы күнү кечинде” аттуу радиоберүүлөрдөн эки жолу берилди. Ошондон кийин бүтүндөй эл ушул ырды ырдап калды. Кээде бир эле ыр адамдын багын ачып, элге таанылтат.

## Айтып бүткүс Айтматовдун ааламы

Киров орто мектебинде окуп жүргөн чагымда адабиятка кызыгуум аябай арткан. Улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун аңгеме, повесть, романдарын көп окудум Анткени бул залкар инсандын ар бир чыгармасында чыныгы дүйнө, чыныгы жашоо айкалышкан жандуу образдар орун алып, бири-биринен өзгөчөлөнгөнү окурманды өзүнө тартат. “Ак кеме” повестиндеги үй биздин айылдан алыс эмес жерде туруп кийинчирээк гана бузулду. Чыңгыз Айтматов Санташка кетип бара жатып, бир жерден карыя менен сүйлөшүп олтуруп калат да, Момун чал жөнүндөгү окуяны угат. Көрсө Кардондо чындыгында эле чал кызы, күйөө баласы, небереси менен жашаган экен. Чыгармадагы окуя чыныгы жашоодо да болуптур. Андагы дөңдөн көл алаканга салгандай көрүнүп, пристанга кеме келип токточу дешет. Кийин ошол үйдү корукка алуу боюнча жазып чыгышкан, бирок эскилиги жети урап калды.

## Жаман сөз жүрөккө дарт, көңүлгө так калтырат

Учурда Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин көркөм өнөр факультетинде декан жана окутуучу болуп эмгектенем. Ар нерсенин өз учуру болот экен. Мисалы, балеринага сахнада 20 жыл гана убакыт берилет. Андан соң канча аракет кылба жаш кездегидей болбойт. Үйлөмө аспаптарды ойногондорго 20 жыл берилет. Себеби өпкө ошого гана чыдайт. Ал эми ырчыга сахнада 25 жыл убакыт берилет. Андан соң топтогон тажрыйбаң менен кийинки жаш муунга билим берчү мезгил келет. Менин ошол окутуучулук мезгилге келип, студенттеримди тарбиялап, алардын ар бир жетишкен ийгилигине кубанып, толкунданып, сыймыктанып жаткан чагым.

Окутуучулук өтө татаал жана жоопкерчиликтүү кесип. Анткени ар бир бала сага өз тагдырын ишенип, жаркын максат, аруу ойкыял менен келет. Татыктуу билим бере албоо алардын тагдыры менен ойногонго барабар. Негизинен мыкты ырчыны, тагыраагы мыкты дасыккан чыгармачыл инсанды даярдап чыгаруу үчүн 4 жыл жетишсиз. Бери дегенде 8-9 жыл керек. Антсе да биз 4 жылдын ичинде билим берүү программасын күчтөп, студентти тынымсыз машыктырып, ага ар дайым шык берип, болушунча жакшы окутууга аракеттенип жатабыз. Күчтүү билим менен бирге балага жакшы мамиле жасоо, аны менен жакын сүйлөшүү өтө маанилүү. Анткени жаман сөз жүрөккө дарт, көңүлгө так калтырат. Мен кээде студенттериме катуу айтып, капа кылып алсам, түнү менен уктай албай чыгам. Эртеси барып кечирим сурайм. Андан эч жерим кемип калбайт. Тескерисинче ортодо ишеним күч алат жана жылуу мамиле баланын алдыга карата умтулуусуна чоң өбөлгө болот.

***70 жаштын ашуусун аша да сынынан тайбай жаш талант ээлерин таптап, ардактуу окутуучулук милдетти аткарып келе жаткан коңур үн ээси Анарбек Ибраев агайыбыздын ишине арбын ийгилик, чың ден соолук каалайбыз.***

**Алтынай НУРДИНОВА**

# МЕКТЕП ФОРМАСЫ ӨЗГӨРӨБҮ?

Кыргызстанда 30 жыл аралыгында окуучулардын мектеп формасы бир нече жолу өзгөртүлгөн. Социалдык теңсиздикти жоюу максатында 2015-2016-жылы бирдиктүү форма киргизилгени менен иш жүзүндө аткарылган жок. Азыркы Билим берүү жана илим министри Каныбек Иманалиев да министр болуп дайындалгандан кийин мектеп формасын улуттук белгилерди кошуп тиктирүү каралып жатканын айткан. Эске салсак депутат Тазабек Икрамов окуучуларга калпак сыяктуу улуттук кийимдерди кийгизүүнү сунуштаган. Андыктан ата-энелер быйылкы жаңы окуу жылында мектеп формасы кандай болоруна кызыгып турушкан. Билим берүү жана илим министрлиги бул суроого жооп берди. Ведомствонун атайын toktomу менен 2023–2024-жылкы окуу жылында балдардын мектепке кийген формасы мурдагыдай эле классикалык бойдон калары бекитилди. Мектепке джинсы, спорттук кийимдерди кийип келгенге тыюу салынат. Негизги форма ак жана кара түстөгү кийим болушу керек.

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2007-ЖЫЛДЫН 30-ДЕКАБРЫНДАГЫ №640 "СОЦИАЛДЫК СТАЦИОНАРДЫК МЕКЕМЕЛЕРДЕ ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭМГЕК ЖАНА СОЦИАЛДЫК ӨНҮКТҮРҮҮ МИНИСТРЛИГИНИН АЛДЫНДАГЫ ДЕН СООЛУГУНУН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ ЧЕКТЕЛҮҮ АДАМДАР ҮЧҮН РЕАБИЛИТАЦИЯЛОО БОРБОРЛОРУНДА ТЕЙЛЕНҮҮЧҮЛӨРДҮ БАГУУНУН МАМЛЕКЕТТИК МИНИМАЛДУУ СОЦИАЛДЫК СТАНДАРТТАРЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин социалдык стационардык мекемелеринде жана реабилитациялоо борборлорунда тамактануу рационун жакшыртуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 30-декабрындагы №640 "Социалдык стационардык мекемелерде жана Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин алдындагы ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар үчүн реабилитациялоо борборлорунда тейленүүчүлөрдү багуунун мамлекеттик минималдуу социалдык стандарттарын бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) токтомдун аталышы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: "Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин социалдык стационардык мекемелеринин жана реабилитациялоо борборлорунун мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүн алуучуларды багуунун мамлекеттик минималдуу социалдык стандарттарын бекитүү жөнүндө";

2) преамбулада "ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарды" деген сөздөр алып салынсын;

3) 1, 2-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"1. Тиркелген Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин социалдык стационардык мекемелеринин жана реабилитациялоо борборлорунун мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүн алуучуларды багуунун мамлекеттик минималдуу социалдык стандарттары бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги республикалык бюджеттин долбоорун түзүүдө Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин социалдык стационардык мекемелеринин жана реабилитациялоо борборлорунун мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүн алуучуларды багуунун мамлекеттик минималдуу социалдык стандарттарынын сакталышын камсыз кылсын.";

4) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Социалдык стационардык мекемелерде жана Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин алдындагы ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар үчүн реабилитациялоо борборлорунда тейленүүчүлөрдү багуунун мамлекеттик минималдуу социалдык стандарттарында:

- аталышы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: "Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин социалдык стационардык мекемелеринин жана реабилитациялоо борборлорунун мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүн алуучуларды багуунун мамлекеттик минималдуу социалдык стандарттары";

- 1-бөлүм төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"

| Социалдык стандарттардын аталышы | Ченөө бирдиги | Сандык туюнтулушу |
|---|---|---|
| **1. Камкордукка алынган жашоочулар үчүн аянттын ченемдери, бир адамга турак жай аянтынын социалдык ченеми** | | |
| Улгайган жарандар жана майыптыгы бар адамдар үчүн социалдык стационардык мекемелерде жашагандар үчүн | кв.м/1 адам | 1 адамга 6 кв.м |
| Улуу курактагылар үчүн психоневрологиялык социалдык стационардык мекемелерде жашагандар үчүн | кв.м/1 адам | 1 адамга 6 кв.м |
| Балдар үчүн психоневрологиялык социалдык стационардык мекемелерде жашагандар үчүн | кв.м/1 адам | 1 адамга 4,8 кв.м |
| Майыптыгы бар балдар үчүн үй-бүлө тибиндеги балдар үйлөрүндө жашагандар үчүн | кв.м/1 адам | 1 адамга 4,8 кв.м |
| Майыптыгы бар балдар үчүн реабилитациялоо борборлорунда жашагандар үчүн | кв.м/1 адам | 1 адамга 4,8 кв.м |
| Турмуштук оор кырдаалда турган балдар үчүн реабилитациялоо борборлорунда жашагандар үчүн | кв.м/1 адам | 1 адамга 4,8 кв.м |
| Майыптыгы бар улуу курактагылар үчүн реабилитациялоо борборлорунда жашагандар үчүн | кв.м/1 адам | 1 адамга 6 кв.м |

";

- 2-бөлүмдүн аталышы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: "2. Социалдык стационардык мекемелерде жана реабилитациялоо борборлорунда жашагандар үчүн кийим-кечени, бут кийимди жана жумшак инвентарларды пайдалануунун ченемдери жана мөөнөттөрү";

- 4.1-бөлүмдүн аталышы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: "4.1.Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин социалдык стационардык мекемелеринин жана реабилитациялоо борборлорунун мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүн алуучуларды жуун-тазалоочу каражаттар жана жеке колдонулуучу санитардык-гигиеналык предметтер менен камсыздоо ченемдери";

- 5-бөлүм төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"

**5. Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин социалдык стационардык мекемелери жана реабилитациялоо борборлору үчүн физиологиялык азык-түлүк топтомдору жана ченемдери**

**5.1. Социалдык стационардык мекемелерде жана реабилитациялоо борборлорунда жашаган улгайган жарандар жана майыптыгы бар адамдар үчүн сунушталган суткалык азык-түлүк топтомдору жана ченемдери**

| № | Азык-түлүктөрдүн аталышы | Жалпы режим | Төшөктө жатуу режими |
|---|---|---|---|
| | | Брутто (грамм) | Брутто (грамм) |
| | **Нан, талкан жана башка дан азыктары** | | |
| 1 | Буудай наны | 150 | 120 |
| 2 | Кара буудай наны | 150 | 120 |
| 3 | Буудай уну | 45 | 39 |
| 4 | Акшак (күрүч, гречка, сулу, арпа, таруу ж.б.) жана буурчак өсүмдүктөрү (буурчак, маш, нокот ж.б.) | 134 | 108 |
| 5 | Макарондор | 16 | 13 |
| 6 | Нан күкүмдөрү | 4 | 3 |
| | **Жашылчалар** | | |
| 7 | Картөшкө | 230 | 192 |
| 8 | Башка жашылчалар, көк чөптөр, бакча өсүмдүктөрү | 414 | 335 |
| 9 | Томат пюреси же пастасы | 4 | 3 |
| | **Жемиштер жана ширелер** | | |
| 10 | Жаңы жемиштер, мөмөлөр, жаңгактар | 136 | 113 |
| 11 | Кургатылган жемиштер | 18 | 15 |
| 12 | Табигый ширелер | 180 | 150 |
| | **Эт жана эт азыктары, канаттуу, жумуртка жана балык** | | |
| 13 | Эт (уй, кой, жылкы, топоз эти) | 93 | 71 |
| 14 | Колбасалар | 11 | 9 |
| 15 | Тоок эти | 39 | 25 |
| 16 | Балык | 43 | 34 |
| 17 | Жумуртка (даана) | 1/2 | 1/2 |
| | **Сүт жана сүт азыктары** | | |
| 18 | Сүт | 180 | 135 |
| 19 | Быштак | 20 | 16 |
| 20 | Айран, кефир, ряженка, йогурт, кымыз | 150 | 120 |
| 21 | Каймак | 20 | 16 |
| 22 | Сырлар | 15 | 12 |
| | **Майлар жана май азыктары** | | |
| 23 | Каймак майы | 25 | 20 |
| 24 | Өсүмдүк майы | 20 | 16 |
| | **Кондитер азыктары жана башка азыктар** | | |
| 25 | Кант*, кондитер азыктары (бал, кыям, момпосуйлар, бышырылган нан азыктары) | 70 | 56 |
| 26 | Чай | 1 | 0,8 |
| 27 | Какао порошогу, кофе ичимдиги | 2 | 1,6 |
| 28 | Крахмал | 1 | 0,8 |
| 29 | Ачыткы | 2 | 1,6 |
| 30 | Йоддолгон тамак-аш тузу | 5 | 4 |
| 31 | Татымалдар (специя) | 0,3 | 0,3 |

**5.2. Психоневрологиялык социалдык стационардык мекемелерде жана реабилитациялоо борборлорунда жашаган улуу курактагылар үчүн сунушталган суткалык азык-түлүк топтомдору жана ченемдери**

| № | Азык-түлүктөрдүн аталышы | Жалпы режим | Төшөктө жатуу режими |
|---|---|---|---|
| | | Брутто (грамм) | Брутто (грамм) |
| | **Нан, талкан жана башка дан азыктары** | | |
| 1 | Буудай наны | 160 | 120 |
| 2 | Кара буудай наны | 160 | 120 |
| 3 | Буудай уну | 46 | 40 |
| 4 | Акшак (күрүч, гречка, сулу, арпа, таруу ж.б.) жана буурчак өсүмдүктөрү (буурчак, маш, нокот ж.б.) | 134 | 108 |
| 5 | Макарондор | 17 | 14 |
| 6 | Нан күкүмдөрү | 4 | 3 |
| | **Жашылчалар** | | |
| 7 | Картөшкө | 242 | 202 |
| 8 | Башка жашылчалар, көк чөп, бакча өсүмдүктөрү | 435 | 352 |
| 9 | Томат пюреси же пастасы | 4 | 3 |
| | **Жемиштер жана ширелер** | | |
| 10 | Жаңы жемиштер, мөмөлөр, жаңгактар | 140 | 120 |
| 11 | Кургатылган жемиштер | 19 | 16 |
| 12 | Табигый ширелер | 190 | 160 |
| | **Эт жана эт азыктары, канаттуу, жумуртка жана балык** | | |
| 13 | Эт (уй, кой, жылкы, топоз эти) | 95 | 79 |
| 14 | Колбасалар | 12 | 10 |
| 15 | Тоок эти | 37 | 31 |
| 16 | Балык | 45 | 36 |
| 17 | Жумуртка (даана) | 1/2 | 1/2 |
| | **Сүт жана сүт азыктары** | | |
| 18 | Сүт | 180 | 150 |
| 19 | Быштак | 21 | 17 |
| 20 | Айран, кефир, ряженка, йогурт, кымыз | 160 | 130 |
| 21 | Каймак | 21 | 17 |
| 22 | Сырлар | 16 | 13 |
| | **Майлар жана май азыктары** | | |
| 23 | Каймак майы | 26 | 21 |
| 24 | Өсүмдүк майы | 21 | 17 |
| | **Кондитер азыктары жана башка азыктар** | | |
| 25 | Кант*, кондитер азыктары (бал, кыям, момпосуйлар, бышырылган нан азыктары) | 74 | 59 |
| 26 | Чай | 1 | 0,8 |
| 27 | Какао порошогу, кофе ичимдиги | 2 | 1,6 |
| 28 | Крахмал | 1 | 0,8 |
| 29 | Ачыткы | 2 | 1,6 |
| 30 | Иоддолгон тамак-аш тузу | 5 | 4 |
| 31 | Татымалдар (специя) | 0,3 | 0,3 |

**5.3. Өзгөчөлөнгөн психофизикалык өнүгүүсү бар майып балдар үчүн сунушталган суткалык азык-түлүк топтомдору жана ченемдери**

| № | Азык-түлүктөрдүн аталышы | 4-10 жаш | | 11-17 жаш | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Жалпы режим | Төшөктө жатуу режими | Жалпы режим | Төшөктө жатуу режими |
| | | Брутто (грамм) | Брутто (грамм) | Брутто (грамм) | Брутто (грамм) |
| | **Нан, талкан жана башка дан азыктары** | | | | |
| 1 | Буудай наны | 130 | 120 | 150 | 140 |
| 2 | Кара буудай наны | 130 | 120 | 150 | 140 |
| 3 | Буудай уну | 37 | 34 | 45 | 41 |

*(Уландысы 9-бетте)*

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2007-ЖЫЛДЫН 30-ДЕКАБРЫНДАГЫ №640 "СОЦИАЛДЫК СТАЦИОНАРДЫК МЕКЕМЕЛЕРДЕ ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭМГЕК ЖАНА СОЦИАЛДЫК ӨНҮКТҮРҮҮ МИНИСТРЛИГИНИН АЛДЫНДАГЫ ДЕН СООЛУГУНУН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ ЧЕКТЕЛҮҮ АДАМДАР ҮЧҮН РЕАБИЛИТАЦИЯЛОО БОРБОРЛОРУНДА ТЕЙЛЕНҮҮЧҮЛӨРДҮ БАГУУНУН МАМЛЕКЕТТИК МИНИМАЛДУУ СОЦИАЛДЫК СТАНДАРТТАРЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

*(Башталышы 8-бетте)*

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 4 | Акшак (күрүч, гречка, сулу, арпа, таруу ж.б.) жана буурчак өсүмдүктөрү (буурчак, маш, нокот ж.б.) | 110 | 103 | 125 | 116 |
| 5 | Макарондор | 10 | 9 | 16 | 15 |
| 6 | Нан күкүмдөрү | 4 | 4 | 4 | 4 |
| | **Жашылчалар** | | | | |
| 7 | Картөшкө | 166 | 150 | 230 | 207 |
| 8 | Башка жашылчалар, көк чөп, бакча өсүмдүктөрү | 320 | 288 | 414 | 370 |
| 9 | Томат пюреси же пастасы | 4 | 4 | 4 | 4 |
| | **Жемиштер жана ширелер** | | | | |
| 10 | Жаңы жемиштер, мөмөлөр, жаңгактар | 102 | 92 | 136 | 122 |
| 11 | Кургатылган жемиштер | 18 | 17 | 18 | 17 |
| 12 | Табигый ширелер | 150 | 140 | 150 | 140 |
| | **Эт жана эт азыктары, канаттуу, жумуртка жана балык** | | | | |
| 13 | Эт (уй, кой, жылкы, топоз эти) | 62 | 54 | 93 | 80 |
| 14 | Колбасалар | 11 | 10 | 11 | 10 |
| 15 | Тоок эти | 29 | 24 | 39 | 32 |
| 16 | Балык | 36 | 32 | 43 | 39 |
| 17 | Жумуртка (даана) | 1 | 1 | 1 | 1 |
| | **Сүт жана сүт азыктары** | | | | |
| 18 | Сүт | 200 | 200 | 180 | 180 |
| 19 | Быштак | 20 | 18 | 25 | 23 |
| 20 | Айран, кефир, ряженка, йогурт, кымыз | 100 | 90 | 150 | 140 |
| 21 | Каймак | 15 | 14 | 20 | 18 |
| 22 | Сырлар | 10 | 10 | 13 | 13 |
| | **Майлар жана май азыктары** | | | | |
| 23 | Каймак майы | 20 | 18 | 20 | 18 |
| 24 | Өсүмдүк майы | 15 | 15 | 15 | 15 |
| | **Кондитер азыктары жана башка азыктар** | | | | |
| 25 | Кант*, кондитер азыктары (бал, кыям, момпосуйлар, бышырылган нан азыктары) | 40 | 36 | 60 | 54 |
| 26 | Чай | 1 | 1 | 1 | 1 |
| 27 | Какао порошогу, кофе ичимдиги | 2 | 2 | 2 | 2 |
| 28 | Крахмал | 1,5 | 1,5 | 1,5 | 1,5 |
| 29 | Ачыткы | 2 | 2 | 2 | 2 |
| 30 | Йоддолгон тамак-аш тузу | 3 | 3 | 5 | 5 |
| 31 | Татымалдар (специя) | 0,3 | 0,3 | 0,3 | 0,3 |

| **5.4. Азык-түлүк топтомуна сунушталган тамак-аштын баалуулугу** | | | |
|---|---|---|---|
| **5.4.1. Социалдык стационардык мекемелерде жана реабилитациялоо борборлорунда жашаган улгайган жарандар жана майыптыгы бар адамдар үчүн азык-түлүк топтомуна сунушталган тамак-аштын баалуулугу** | | | |
| **Жалпы режим** | | | |
| **Белоктор, гр** | **Майлар, гр** | **Углеводдор, гр** | **Энергетикалык баалуулук, ккал** |
| 79 | 79 | 303 | 2239 |
| **Төшөктө жатуу режими** | | | |
| 63 | 63 | 242 | 1791 |
| **5.4.2. Психоневрологиялык социалдык стационардык мекемелерде жана реабилитациялоо борборлорунда жашаган улуу курактагы жарандар үчүн азык-түлүк топтомуна сунушталган тамак-аштын баалуулугу** | | | |
| **Жалпы режим** | | | |
| **Белоктор, гр** | **Майлар, гр** | **Углеводдор гр** | **Энергетикалык баалуулук, ккал** |
| 83 | 83 | 318 | 2351 |

| **Төшөктө жатуу режими** | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 66 | 66 | 254 | 1874 | | | | |
| **5.4.3. Өзгөчөлөнгөн психофизикалык өнүгүүсү бар майып балдар үчүн азык-түлүк топтомуна сунушталган тамак-аштын баалуулугу** | | | | | | | |
| **Жалпы режим** | | | | | | | |
| 4-10 жаштагы балдар | | | | 11-17 жаштагы балдар | | | |
| **Белоктор, гр** | **Майлар, гр** | **Углеводдор, гр** | **Энергетикалык баалуулук, ккал** | **Белоктор, гр** | **Майлар, гр** | **Углеводдор, гр** | **Энергетикалык баалуулук, ккал** |
| 67 | 65 | 228 | 1765 | 82 | 73 | 293 | 2157 |
| **Төшөктө жатуу режими** | | | | | | | |
| 60 | 59 | 205 \| | 1589 | 74 | 66 | 264 | 1941 |

Эскертүү:
- (*) таза кант күнүнө 48 гр ашпайт;
- буудай унунун ченеми 30 гр, эгерде нан жана кондитердик азыктар күндө даярдалса;
- буудай унунун ченеми 15 гр, эгерде нан жана кондитердик азыктар күн өткөрүп даярдалса;
- I категориядагы тоок, эт сатып алынат;
- жаңы балыкты жана жаңы тоңдурулган балыкты колдонсо болот, деңиз балыгын колдонуу артык. Бутерброд үчүн туздалган сельдь же балыктын консервасын колдонсо болот;
- момпосуй, бал, кыям пайдаланылганда кант колдонулбайт. Кант диабети менен ооруган жарандар үчүн канттын ченеми кант алмаштыруучу менен пропорциялуу алмаштырылсын (мисалы, сорбит, ксилит);
- курамы боюнча бирдей азык-түлүктөр жок болгон учурда азык-түлүктөрдү алмаштырууга жол берилет;
- жай мезгилинде - жаңы жемиштер, жашылчалар жана көк чөптөр, кыш мезгилинде кургатылган жемиштер (компотко) колдонулат;
- менюда тамактардын аталыштары кезектелип кайталанат, бир эле тамактын же кулинариялык азыктардын күндө же бир күндөн кийин кайталанышына жол берилбейт;
- перспективалык меню 14 күндөн кем эмес күнгө түзүлөт;
- менюда орун алган азык-түлүктөргө ылайык, технологиялык (кулинардык) картадагы эсеп боюнча тамак-ашты даярдоо үчүн азык-түлүктөр милдеттүү түрдө тараза менен текшерилет;
- менюда суткалык физиологиялык азык-түлүк ченемине жана суткалык акчалай ченемине жол берилген айырма социалдык тейлөө чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын буйругу менен бекитилет;
- азык-түлүктөрдү биринчи иштетүүдө жол берилген айырма (брутто менен неттонун ортосунда) социалдык тейлөө чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын буйругу менен бекитилет.

";

- 7-бөлүм төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:
"

| **7. Дары препараттары менен камсыз кылуу ченемдери** | | |
|---|---|---|
| Улгайган жарандар жана майыптыгы бар адамдар үчүн социалдык стационардык мекемелерде жашагандар үчүн | Күнүнө 1 адамга (сом) | 12,50 |
| Улуу курактагылар үчүн психоневрологиялык социалдык стационардык мекемелерде жашагандар үчүн | Күнүнө 1 адамга (сом) | 12,70 |
| Балдар үчүн психоневрологиялык социалдык стационардык мекемелерде жашагандар үчүн | Күнүнө 1 адамга (сом) | 12,80 |
| Майыптыгы бар улуу курактагылар үчүн реабилитациялоо борборлорунда жашагандар үчүн | Күнүнө 1 адамга (сом) | 12,50 |
| Майыптыгы бар балдар үчүн реабилитациялоо борборлорунда жашагандар үчүн | Күнүнө 1 адамга (сом) | 12,80 |
| Майыптыгы бар адамдар, майыптыгы бар балдар үчүн реабилитациялоо борборлорунда жашагандар үчүн | Күнүнө 1 адамга (сом) | 12,80 |
| Турмуштук оор кырдаалда турган балдар үчүн борборлордо жашагандар үчүн | Күнүнө 1 адамга (сом) | 12,80 |

".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 24-июлу, №372***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 20-МАЙЫНДАГЫ №259 "КЫРГЫЗ АВТОМОБИЛДИК ТАШУУЧУЛАРГА ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК УРУКСАТТАРДЫ ЖАНА КӨП ТАРАПТУУ УРУКСАТТАРДЫ БЕРҮҮ ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

Транспорт чөйрөсүндөгү мамлекеттик органдын ишин өркүндөтүү, кыргыз автоташуучуларга чет өлкөлүк уруксаттардын жана көп тараптуу уруксаттардын бланктарын бөлүштүрүүдө коррупциялык элементтерди алдын алуу, ачык-айкындуулукту, контролду камсыз кылуу жана ишкерлердин укуктарын коргоо максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 20-майындагы №259 "Кыргыз автомобилдик ташуучуларга чет өлкөлүк уруксаттарды жана көп тараптуу уруксаттарды берүү тартибин бекитүү жөнүндө токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз автомобилдик ташуучуларга чет өлкөлүк уруксаттарды жана көп тараптуу уруксаттарды берүү тартибинде:

- 16-пункттун жетинчи абзацынын экинчи сүйлөмү алып салынсын;

- мамлекеттик тилдеги 23-пункттун онунчу абзацында "$K_{tioi}$ = 2", "$K_{tioi}$ = 1" деген сөздөр тиешелүү түрдө "$K_{tioi}$ = 1", "$K_{tioi}$ - 0,5" деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 31-пункттун биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

31. Кыргыз ташуучусуна (юридикалык жакка) чет өлкөлүк уруксатты берүүдө бланктын тиешелүү графалары (ташуучунун аталышы) толтурулат.";

- 32-пункттун биринчи сүйлөмүндө ыйгарым укуктуу орган аларды чет өлкөлүк жана көп тараптуу уруксаттын наркын төлөө менен башка ташуучуларга берет" деген сөздөр алып салынсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 24-июлу, №370***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛЫК КОДЕКСИНИН 187-БЕРЕНЕСИНИН 5-БӨЛҮГҮНҮН ТАЛАПТАРЫН ИШКЕ АШЫРУУ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 187-беренесинин 5-бөлүгүн ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кенже тейлөөчү персоналга кирген кызматкерлердин тизмеси тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 24-июлу, №371***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2020-ЖЫЛДЫН 17-ИЮЛУНДАГЫ №385 «МАМЛЕКЕТТИК СОЦИАЛДЫК КАМСЫЗДАНДЫРУУ БОЮНЧА КАМСЫЗДАНДЫРУУ ТӨГҮМДӨРҮН ЭСЕПТӨӨНҮН ЖАНА ТӨЛӨӨНҮН ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ НУСКАМАНЫ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

«Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө», «Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө» жана «Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдерин ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы №385 «Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө нускамада:

1) 2-пункттун 34-пунктчасындагы «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети» деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) 10-пункттун төртүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«- жалданма кызматкерлердин эмгегин пайдаланган жеке ишкерлер үчүн (текстиль жана тигүү өндүрүшүндө иштеген жалданма кызматкерлерди жана Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 423-беренесинин I-бөлүгүндөгү 1-пунктунун «а» пунктчасына, 8, 13-бөлүктөрүнө ылайык салык төлөөчү жеке ишкерлер тарабынан жалданган жалданма кызматкерлерди кошпогондо);»;

3) 20-пункттун үчүнчү абзацындагы «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети» деген сөздөргө алмаштырылсын;

4) төмөнкүдөй мазмундагы $21^{2}$-$21^{9}$-пункттар менен толукталсын:

«$21^{2}$. 2019-жылдын 1-январына чейинки отчеттук мезгил үчүн эсептешүү ведомосттору кызмат көрсөтүү (жумуштарды аткаруу) жөнүндө жарандык-укуктук мүнөздөгү келишимдин же берилген ишеним каттын негизинде төлөөчү же анын өкүлү тарабынан камсыздоочуга баруу тартибинде берилет.

«$21^{3}$. Камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөр эсептешүү ведомостун камсыздоочуга кагаз түрүндө 2 нускада (биринчиси - ыйгарым укуктуу орган үчүн, экинчиси - төлөөчүгө кайтарылат), ошондой эле электрондук түрдөгү маалыматтарды жүктөө үчүн электрондук алып жүрүүчүдө (флэш-картада) берет.

«$21^{4}$. Камсыздайдыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөр эсептешүү ведомостунун реквизиттерин толтуруунун төмөнкү талаптарын сактоого тийиш:

1) отчеттук мезгил - эсептешүү ведомосту берилген эсептешүү мезгили көрсөтүлөт;

2) эсептешүү ведомосту берилген дата - эсептешүү ведомосту берилген дата КК.АА.ЖЖЖЖ (мисалы: 03.03.2013) милдеттүү форматында көрсөтүлөт;

3) төлөөчүнүн аталышы - тамгалардан турган уюмдун (ишкананын) аталышы көрсөтүлөт;

4) СИН - салык кызматы тарабынан ыйгарылган салык төлөөчүнүн идентификациялык номери, туура 14 цифрадан турат. СИН алдында, ортосунда, аягында чекит коюуга тыюу салынат;

5) төлөөчүнүн Кыргыз Республикасынын Социалдык фондундагы каттоо номери - камсыздоочунун региондук органы тарабынан ыйгарылган жана камсыздандыруучуга билдирүүдө көрсөтүлгөн, цифралардан турган төлөөчүнүн эсептик каттоо номери;

6) ОКПО коду - ишканалардын жана уюмдардын жалпы классификатору боюнча төлөөчүнүн коду, 8 цифрадан турат;

8) юридикалык дарек - төлөөчүнүн юридикалык дареги, тамгалардан жана цифралардан турат;

9) банк (аталышы) - төлөөчүнүн алыш-бериш эсеби бар банктын аталышы, тамгалардан турат;

10) алыш-бериш эсеби - төлөөчүнүн банктагы алыш-бериш эсеби көрсөтүлөт, цифралардан гана турат;

11) иштин түрү - ишкананын экономикалык ишинин түрү көрсөтүлөт, тамгалардан турат;

12) иштегендиги жана эмгек акы жөнүндө билдирүүдө кызматкердин идентификациялык жеке номери (ИЖН) көрсөтүлөт, ал туура 14 цифрадан турат;

13) кызматкердин аты-жөнү - тамгалардан турат жана ортолору боштуктар менен ажыратылат. Мисалы: Асанов Асан Алиевич;

14) бийик тоолуу шарттарда жана алыскы райондордо иштеген кызматкерлердин коду - төмөнкү классификаторго ылайык туура 3 цифрадан турат:

500 - бийик тоо коэффициенти;

501 - алыскы райондор коэффициенти.

Эгерде кызматкер бийик тоолуу шарттарда жана алыскы райондордо иштеген кызматкерлерге кирбесе - код көрсөтүлбөйт, б.а. тилке толтурулбайт;

15) иш башталган дата КК.АА.ЖЖЖ форматында көрсөтүлөт.

Мисалы: 01.01.2019.

Кызматкер 15.01.2019-ж. жумушка алынган учурда, иш башталган дата катары 15.01.2019 көрсөтүлөт;

16) иш аяктаган дата - КК.АА.ЖЖЖЖ форматында көрсөтүлөт.

Мисалы: 31.01.2019.

Кызматкер 25.01.2019-ж. бошотулган учурда, иш аякталган дата катары 25.01.2019 көрсөтүлөт;

17) кызматкер акы төлөнбөөчү өргүүдө болгондо, ошол отчеттук мезгилде эмгек акы жана башка кирешелер эсептелген иш жүзүндө иштеген күндөрү болгондо, толук мезгил - календардык ай көрсөтүлөт;

18) кызматкер акы төлөнүүчү өргүүдө болгондо, толук мезгил - календардык ай көрсөтүлөт;

19) кызматкер убактылуу эмгекке жарамсыздыкка байланыштуу жок болгондо мезгили - толук календардык ай көрсөтүлөт;

20) күндөрдүн саны - бир айдын ичиндеги 31 күндөн ашпаган иш күндөрдүн саны көрсөтүлөт, цифралардан турат;

21) иш жүзүндөгү күндөрдүн саны - ай ичиндеги иш жүзүндө иштеген күндөр, цифралардан турат. Мисалы:

| | Күндөрдүн саны/иш жүзүндөгү күндөр саны | |
|---|---|---|
| Бир айда | 22 | 22 |
| Жарым ставкада | 22 | 11 |
| Бир жолку төлөмдөр | 22 | 1 |
| Ижара | 22 | 22 |
| Өргүүлөр | 22 | 36 |

«Иш жүзүндөгү күндөр» тилкелерине нөл жазылышына же бош болушуна жол берилбейт;

22) ЭТФ - камсыздандыруу төгүмдөрү эсептелүүчү иш жүзүндөгү киреше, сандык маалыматтардан турат, экинчи белгиге чейин бүтүн жана бөлчөк бөлүгү үтүр менен ажыратылат.

Мисалы: 1150,36 - бир миң бир жүз элүү бүтүн, жүздөн отуз алты;

23) отчеттук айда ЭТФ нөлдүк маанисине төмөнкү кызматкерлер үчүн жол берилет:

- акы төлөнүүчү өргүүдө жүргөн;

- отчеттук айда убактылуу эмгекке жарамсыздык боюнча жок болгон;

24) кошумча ЭТФ - эгерде кызматкердин кирешеси орточо айлык эмгек акынын 40%ынан төмөн болгон учурда көрсөтүлөт, сандык маалыматтардан турат, экинчи белгиге чейинки бүтүн жана бөлчөк бөлүгү үтүр менен ажыратылат. Мисалы: 1150,36 - бир миң бир жүз элүү бүтүн, жүздөн отуз алты бөлүгү;

25) эсептелген камсыздандыруу төгүмдөрү - мамлекеттик топтолуучу пенсиялык фондсуз камсыздандыруу төгүмдөрүнүн жалпы суммасы сандык маалыматтардан турууга тийиш, экинчи белгиге чейинки бүтүн жана бөлчөк бөлүгү үтүр менен ажыратылат. Мисалы: 4500,53 - төрт миң беш жүз бүтүн, жүздөн элүү үч бөлүгү;

26) мамлекеттик топтолуучу пенсиялык фонд боюнча эсептелген камсыздандыруу төгүмдөрү - сандык маалыматтардан турат, экинчи белгиге чейинки бүтүн жана бөлчөк белүгү үтүр менен ажыратылат. Мисалы: 1150,36 - бир миң бир жүз элүү бүтүн, жүздөн отуз алты бөлүгү;

27) кызматкерлердин категориясы - төмөнкү классификаторго ылайык туура 3 цифрадан турат:

- 001 - негизги кызматкер;
- 003 - пенсионер;
- 010 - чет өлкөлүк жаран (өлкө);
- 100 - 1, 2-топтогу майып;
- 101 - Улуу Ата Мекендик согуштун (мындан ары - УАМС) катышуучусу/майыбы;
- 102 - УАМС катышуучусуна/майыптарына теңдештирилген адамдар;
- 103 - жеке ишкер;
- 104 - ижарага берүүчү;
- 105 - гонорарлар, сый акылар;
- 106 - кенже тейлөөчү персонал (мындан ары - КТП);
- 107 - КТП пенсионерлер;

28) №1 же №2 жеңилдетилген тизменин коду классификаторго ылайык туура 3 цифрадан турат:

- 007 - №1 тизме;
- 006 - №2 тизме.

Эгерде кызматкер №1 же №2 тизмеге кирбесе, код көрсөтүлбөйт, б.а. тилке толтурулбайт.

$21^{5}$. Сандык көрсөткүчтөрдү көрсөтүү талап кылынган эсептешүү ведомостунун тилкелеринде чен бирдигин көрсөтпөстөн сандарды гана көрсөтүү зарыл.

$21^{6}$. Эсептешүү ведомостуна төлөөчү жана төлөөчүнүн кызмат адамы кол коёт. Төлөөчүнүн, төлөөчүнүн кызмат адамынын колу (бар болсо) мөөр менен күбөлөндүрүлөт.

$21^{7}$. Камсыздоочу эсептешүү ведомостун алгандыгын ырастоочу штамп коёт.

$21^{8}$. Эсептешүү ведомостун кабыл алгандан кийин камсыздоочу тарабынан күбөлөндүрүлгөн эсептешүү ведомостунун бир нускасы төлөөчүгө кайтарылат.

$21^{9}$. Камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөдө жол берилген каталыктар сап боюнча 0,5 сом, жалпы - 1 сомду түзөт.»;

5) 65-пункттун 9-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«9) текстиль жана тигүү өндүрүшүндө иштеген жалданма кызматкерлер жана Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 423-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктунун «а» пунктчасына, 8, 13-бөлүктөрүнө ылайык салык төлөөчү жеке ишкерлер тарабынан жалданган жалданма кызматкерлер;»;

6) 66-пункт «Текстиль жана тигүү өндүрүшүндө иштеген кызматкерлерди» деген сөздөрдөн кийин «жана Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 423-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктунун «а» пунктчасына, 8, 13-бөлүктөрүнө ылайык салык төлөөчү жеке ишкерлер тарабынан жалданган жалданма кызматкерлерди» деген сөздөр менен толукталсын;

7) 68-пункт төмөнкүдөй мазмундагы бешинчи абзац менен толукталсын:

«Камсыздандыруу стажын калыбына келтирүүдө же камсыздандыруу төгүмдөрүн ыктыярдуу төлөөдө камсыздандыруу полистери жеке адамдын жашаган жери боюнча, ошол райондо (шаарда) камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөө үчүн кабыл алынган орточо айлык эмгек акынын өлчөмүн колдонуу менен сатып алынат.»;

8) $99^{1}$-пункт төмөнкүдөй мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

«Ушул Нускаманын 41-пунктунда көрсөтүлгөн камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөргө туум «Юридикалык жакты түзбөгөн дыйкан (фермердик) чарбалар, жер үлүшүнө жана/же участогуна же анын бир бөлүгүнө ээ болгон, бирок дыйкан (фермердик) чарбаларынын мүчөлөрү болбогон жеке жактар үчүн камсыздандыруу төгүмдөрүн маалыматтык эсептөө» түзүүдө эсептелет.»;

9) 102-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын;

«102. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик социалдык камсыздандыруу чөйрөсүндөгү мыйзамдарында белгиленген мөөнөттө 2021-жылдын 1-апрелине чейинки отчеттук мезгилдер үчүн эсептешүү ведомосттору календардык жыл ичинде эки жолудан ашык берилбеген (же кечиктирилген) учурда ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмү төлөөчүгө кийин кайра эсептөө менен мурдагы отчеттук мезгил үчүн түзүлгөн төлөмдөрдүн суммасынын 25 пайыз өлчөмүндө айып эсептейт.»;

10) төмөнкүдөй мазмундагы $102^{1}$- пункт менен толукталсын:

«$102^{1}$. Камсыздоочу тарабынан Кыргыз Республикасынын мамлекеттик социалдык камсыздандыруу чөйрөсүндөгү мыйзамдарында белгиленген мөөнөттө эсептешүү ведомостторун бербегендиги (же кечиктиргендиги) үчүн айып төлөөчүлөргө 2019-жылдын 1-январына чейинки отчеттук мезгилдер үчүн эсептешүү ведомостторун тапшырганда эсептелет.»;

11) жогоруда аталган Нускаманын 5-тиркемесинде:

- 8-бөлүктө:

аталышы төмөнкүдөй редакция да баяндалсын:

«8. Текстиль жана тигүү өндүрүшүндө иштеген жалданма кызматкерлерди жана Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 423-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктунун «а» пунктчасына, 8, 13-бөлүктөрүнө ылайык салык төлөөчү жеке ишкерлер тарабынан жалданган жалданма кызматкерлерди кошпогондо жалданма кызматкерлердин эмгегин пайдаланган жеке ишкерлер үчүн тарифтер*»;

расмий тилдеги текстте 6-пункттун экинчи мамычасында «105» деген цифралар «102» деген цифраларга алмаштырылсын;

- төмөнкүдөй мазмундагы $8^{1}$-бөлүк менен толукталсын:

«

| **$8^{1}$. Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 423-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктунун "а" пунктчасына, 8, 13-бөлүктөрүнө ылайык салык төлөөчү ЖИ тарабынан жалданган жалданма кызматкерлер үчүн тарифтер** | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 423-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктунун «а» пунктчасына, 8 (анын ичинде жакын тууганы тартылган учурда), 13-бөлүктөрүнө ылайык салык төлөөчү жеке ишкерлер тарабынан жалданган жалданма кызматкерлер үчүн | 10 | 8,75 | 0 | 1 | 0 | 0,25 | 0 | 0 | ОАЭдан 10%дан кем эмес |

»;

- 10-бөлүктүн аталышы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«10. Жогорку технологиялар паркы жана Креативдүү индустриялар паркы жана алардын дирекциялары үчүн тарифтер»;

- 12-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«

| 12. Жалпы категориялар үчүн тарифтер | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 103 | Тандалган салык режимине карабаган ЖИ жана жеке жактар (кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктү ижарага берүүдөн киреше алган жеке ишкерлерди, юридикалык жакты түзбөстөн өз ишин жүргүзгөн, берилген лицензиялардын негизинде иштеген, ошондой эле гонорар (сый акы) алган же лотоктордо, соода орундарында товар сатуу жолу менен базарларда ишкердик жүргүзгөн жеке жактарды кошпогондо) | | | | | | | | | |
| | | | 6 | 0 | 89,75 | 0 | 10 | 0,25 | 0 | 0 | ОАЭдан 6%дан кем эмес |
| 2 | 103 | Лотоктордо, соода орундарында товар сатуу жолу менен базарларда ишкердик жүргүзүүчү ЖИ | | | | | | | | | |
| | | | 3 | 0 | 89,75 | 0 | 0 | 0,25 | 0 | 0 | ОАЭдан 3%дан кем эмес |
| 3 | 104 | Ижарага берүүчү | 10 | 8,75 | 0 | 1 | 0 | 0,25 | 0 | 0 | ОАЭдан 10%дан кем эмес |
| 4 | 105 | Берилген лицензиялардын негизинде иштеген, ошондой эле гонорар (сыйакы) алган жеке жактар | 10 | 90 | 0 | 10 | 0 | 0 | 0 | 0 | Алган гонорардан (сыйакыдан) |

»;

- кыскартуулардын тизмесинин бешинчи абзацында «кенже тейлөөчү персонал» деген сөздөргө чейин «тизмеги Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдары менен аныкталган» деген сөздөр менен толукталсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 24-июлу, №373***

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН КЭЭ БИР ДЕПУТАТТАРЫНЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ТОКТОТУУ, ТАЛАПКЕРЛЕРДИН КАТТАЛГАН ТИЗМЕСИНЕН ЧЫГАРУУ ЖАНА БОШ КАЛГАН МАНДАТТАРДЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРЛЕРГЕ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ ТОГУЗ-ТОРО, АЛА-БУКА, БАКАЙ-АТА, СОКУЛУК, ТОКМОК, ТОҢ, НАРЫН ЖАНА ӨЗГӨН АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН ЧЕЧИМДЕРИН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

## ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жергиликтүү кеңештердин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жана бош калган мандаттарды өткөрүп берүү жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын төмөнкү чечимдери келип түштү:

- Тогуз-Торо аймактык шайлоо комиссиясынын (20.07.2023-ж. №1, 2) – Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо районундагы Каргалык жана Атай айылдык кеңештери боюнча;
- Ала-Бука аймактык шайлоо комиссиясынын (26.07.2023-ж. №5, 6) – Жалал-Абад облусунун Ала-Бука районундагы Өрүктү айылдык кеңеши боюнча;
- Бакай-Ата аймактык шайлоо комиссиясынын (20.07.2023-ж. №44) – Талас облусунун Бакай-Ата районундагы Шадыкан айылдык кеңеши боюнча;
- Сокулук аймактык шайлоо комиссиясынын (25.07.2023-ж. №11) – Чүй облусунун Сокулук районундагы Жаңы-Жер айылдык кеңеши боюнча;
- Токмок шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын (23.07.2023-ж. №23, 24) – Чүй облусунун Токмок шаардык кеңеши боюнча;
- Тоң аймактык шайлоо комиссиясынын (24.07.2023-ж. №20) – Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы Б.Мамбетов айылдык кеңеши боюнча;
- Нарын аймактык шайлоо комиссиясынын (27.07.2023-ж. №7, 8) – Нарын облусунун Нарын районундагы Жерге-Тал жана Чет-Нура айылдык кеңештери боюнча;
- Өзгөн аймактык шайлоо комиссиясынын (26.07.2023-ж. №31, 32) – Ош облусунун Өзгөн районундагы Төрт-Көл айылдык кеңеши боюнча;

Ошондой эле депутаттыкка талапкерлердин катталган тизмесинен талапкерлерди чыгаруу жөнүндө Токмок аймактык шайлоо комиссиясынын (24.07.2023-ж. №23) – Чүй облусунун Токмок шаардык кеңеши боюнча чечими келип түштү.

Аталган чечимдер «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесине, «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесине жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесине ылайык кабыл алынган.

«Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4-беренесинин 1-бөлүгүнүн 28-пунктуна ылайык, «Борбордук шайлоо комиссиясы жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутатынын бош калган мандатын өткөрүп берүү жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлерди катталган тизмеден чыгаруу жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдерин бекитет».

Аймактык шайлоо комиссияларынын бекитүүгө келип түшкөн чечимдеринин «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3, 5-беренелеринин талаптарына ылайыктуулугун карап чыгып, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Тогуз-Торо, Ала-Бука, Бакай-Ата, Сокулук, Токмок, Тоң, Нарын жана Өзгөн аймактык шайлоо комиссияларынын жергиликтүү кеңештердин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечимдери 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Токмок аймактык шайлоо комиссиясынын талапкерлердин катталган тизмесинен талапкерлерди чыгаруу боюнча чечими 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**3**. Тогуз-Торо, Ала-Бука, Сокулук, Токмок, Нарын жана Өзгөн аймактык шайлоо комиссияларынын бош калган мандаттарды талапкерлерге жана саясий партиялардын талапкерлеринин катталган тизмесиндеги талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдери 3-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**4.** Жергиликтүү кеңештердин 1-тиркемеде көрсөтүлгөн депутаттарынын күбөлүктөрү ушул токтом жарыяланган күндөн тартып, анык эмес деп таанылсын.

**5.** Тогуз-Торо, Ала-Бука, Сокулук, Токмок, Нарын жана Өзгөн аймактык шайлоо комиссиялары жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттарын 3-тиркемеге ылайык каттасын жана аларга белгиленген үлгүдөгү күбөлүктөрдү жана төш белгилерди тапшырсын.

**6.** Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**7.** Бул токтомдун көчүрмөсү тиешелүү аймактык шайлоо комиссияларына жана жергиликтүү кеңештерге жөнөтүлсүн.

**8.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Т.У.Шайназаровго жүктөлсүн.

**ТӨРАГА Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 28-июлу, №71***

*Кыргыз Республикасынын*
*Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча*
*борбордук комиссиясынын*
*2023-жылдын 28-июлундагы*
*№71 токтомунун 1-тиркемеси*

**Ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын тизмеси**

| № | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын Ф.А.А. | Депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу боюнча АШКнын чечиминин № жана датасы жана чечимге негиз |
|---|---|---|---|
| | | **Жалал-Абад облусу** | |
| **Тогуз-Торо району** | | | |
| **1.** | Каргалык айылдык | Тагайбекова Нурайым Алмазовна | Тогуз-Торо АШК, №1, 20.07.2023-ж. (17.07.2023-ж. – өз арызы) |
| **2.** | Атай айылдык | Доктурбек уулу Жылдызбек | Тогуз-Торо АШК, №1, 20.07.2023-ж. (19.07.2023-ж. – өз арызы) |
| **Ала-Бука району** | | | |
| **3.** | Өрүктү айылдык | Анарбаев Бостон Шайлыбаевич | Ала-Бука АШК, №5, 26.07.2023-ж. (21.07.2023-ж. – өз арызы) |
| | | **Талас облусу** | |
| **Бакай-Ата району** | | | |
| **4.** | Шадыкан айылдык | Мусаев Наризбек Тууганбекович | Бакай-Ата АШК, №44, 20.07.2023-ж. (Шадыкан а/к 18.04.2023-ж. №1 токтому – Жүйөлүү себептерсиз жергиликтүү кеңештин жыйналыштарында бир жыл ичинде төрт жолудан ашык катышпоосу) |
| | | **Чүй облусу** | |
| **Сокулук району** | | | |
| **5.** | Жаңы-Жер айылдык | Резаханова Зумрият Рамазановна | Сокулук АШК, №11, 25.07.2023-ж. (17.07.2023-ж. – өз арызы) |
| **Токмок шаары** | | | |
| **6.** | Токмок шаардык | Кубатбек уулу Азат (2) «Эмгек» депутаттык фракциясы | Токмок АШК, №23, 24.07.2023-ж. (19.07.2023-ж. – өз арызы) |
| **7.** | Токмок шаардык | Орозахунов Алишер Тынайбекович (4) «Эмгек» депутаттык фракциясы | Токмок АШК, №23, 24.07.2023-ж. (19.07.2023-ж. – өз арызы) |
| | | **Ысык-Көл облусу** | |
| **Тоң району** | | | |
| **8.** | Б.Мамбетов айылдык | Айтпаева Гулзина Төлөбаевна | Тоң АШК, №20, 24.07.2023-ж. (06.07.2023-ж. – өз арызы) |
| | | **Нарын облусу** | |
| **Нарын району** | | | |
| **9.** | Жерге-Тал айылдык | Тургуналиев Мелис Жумабекович | Нарын АШК, №7, 27.07.2023-ж. (14.07.2023-ж. – өз арызы) |
| **10.** | Чет-Нура айылдык | Муратов Бактыяр Муратович | Нарын АШК, №8, 27.07.2023-ж. (17.07.2023-ж. – өз арызы) |
| | | **Ош облусу** | |
| **Өзгөн району** | | | |
| **11.** | Төрт-Көл айылдык | Исмаилов Кубаныч Келдибекович | Өзгөн АШК, №31, 26.07.2023-ж. (24.07.2023-ж. – өз арызы) |

*Кыргыз Республикасынын*
*Шайлоо жана референдум өткөрүү*
*боюнча борбордук комиссиясынын*
*2023-жылдын 28-июлундагы*
*№71 токтомунун 2-тиркемеси*

**Жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин катталган тизмесинен чыгарылган талапкерлердин тизмеси**

| № | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Катталган талапкерлердин тизмесиндеги талапкердин Ф.А.А. | Тизмеден чыгаруу боюнча АШКнын чечиминин № жана датасы жана чечимге негиз |
|---|---|---|---|
| | | **Чүй облусу** | |
| **Токмок шаары** | | | |
| 1. | Токмок шаардык | Амангельдиев Данияр Джолдошевич (10) «Эмгек» саясий партиясы | Токмок АШК, №23, 24.07.2023-ж. (23.07.2023-ж. – өз арызы) |

*Кыргыз Республикасынын*
*Шайлоо жана референдум өткөрүү*
*боюнча борбордук комиссиясынын*
*2023-жылдын 28-июлундагы*
*№71 токтомунун 3-тиркемеси*

**Жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттары деп таанылган талапкерлердин тизмеси**

| № | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Жергиликтүү кеңештин кийинки шайланган депутатынын Ф.А.А. | Иштеген жери, ээлеген кызматы | Бош калган депутаттык мандатты ыйгаруу боюнча АШКнын чечими |
|---|---|---|---|---|
| | | **Жалал-Абад облусу** | | |
| **Тогуз-Торо району** | | | | |
| **1.** | Каргалык айылдык | Кемелбеков Чыңгышахун Кемелбекович | «МакмалГолд Компани» ЖЧКнын жумушчусу | Тогуз-Торо АШК, №2, 20.07.2023-ж. |
| **2.** | Атай айылдык | Өмүров Абазбек Бекташевич | Дыйкан чарбанын мүчөсү | Тогуз-Торо АШК, №2, 20.07.2023-ж |
| **Ала-Бука району** | | | | |
| **3.** | Өрүктү айылдык | Сейитмурза уулу Мирбек | Дыйкан чарбанын мүчөсү | Ала-Бука АШК, №6, 26.07.2023-ж. |
| | | **Чүй облусу** | | |
| **Сокулук району** | | | | |
| **4.** | Жаңы-Жер айылдык | Магомедов Магомедгаджи Зубайрович | Жеке ишкер | Сокулук АШК, №11, 25.07.2023-ж. |
| **Токмок шаары** | | | | |
| **5.** | Токмок шаардык | Лулаков Роман Владимирович (11) «Эмгек» саясий партиясы | Жеке ишкер | Токмок АШК, №24, 24.07.2023-ж. |
| **6.** | Токмок шаардык | Закриев Аслан Евласович (13) «Эмгек» саясий партиясы | Жеке ишкер | Токмок АШК, №24, 24.07.2023-ж. |
| | | **Ысык-Көл облусу** | | |
| **Тоң району** | | | | |
| 7. | Б. Мамбетов айылдык | талапкерлер калбай калган учурда, мандат кийинки шайлоого чейин бош бойдон калат | | |
| | | **Нарын облусу** | | |
| **Нарын району** | | | | |
| 8. | Жерге-Тал айылдык | Сыдыгалиев Кулмат Асанбаевич | Дыйкан чарбанын мүчөсү | Нарын АШК, №7, 27.07.2023-ж. |
| 9. | Чет-Нура айылдык | Алсеитов Удаабек Капарович | Суу чарбасында инженер гидромелиатор | Нарын АШК, №8, 27.07.2023-ж. |
| | | **Ош облусу** | | |
| **Өзгөн району** | | | | |
| 10. | Төрт-Көл айылдык | Оморбеков Замирбек Аскарбаевич | Орто мектептин мугалими | Өзгөн АШК, №32, 26.07.2023-ж. |

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО



Актуалдуу маек

## Ош шаарынын мэри Бакытбек ЖЕТИГЕНОВ:

# “КАЛКЫБЫЗ ИЧҮҮЧҮ ТА КАМСЫЗ КЫЛУУ ТҮЙШҮ

Ордолуу Ош шаарында акыркы жылдарда бир катар ири инфраструктуралык долбоорлор ишке ашырылып, калаа тургундары үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлүүдө. Шаардын мэри Бакытбек Жетигенов менен болгон маегибизде экинчи борборубуз болгон Ош шаарында жасалып жаткан иштер тууралуу пикир алышканбыз.



Президент С.Жапаров Ош шаарын ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу маселесин бир ай ичинде чечүүнү тапшырды

**- Бакытбек мырза, Ош шаарына жетекчилик кызматка келгениңизге жарым жылдан ашыптыр. Бүгүнкү күндө шаарда курулуш жанданып, көчөлөр иретке келтирилип жатканы байкалат. Жетекчи катары облустук борбордун жашоо-шартын жакшыртуу үчүн кайсыл багыттарга артыкчылык берип жатасыздар?**

- Ош – үч миңдеген жылды карыткан тарыхый шаар. Бул жердин өзүнүн өнүгүү маданияты, салт-санаасы болуп келген. Ошондуктан, шаарыбызга мүнөздүү менталитетти сактоо менен бирге заманбап технологияларды колдонуп, шаар куруу планынын үстүндө иштеп жатабыз. Андыктан эң башкысы кыска мөөнөттө чечүүгө артыкчылык берген багытыбыз – калкты ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу жана автоунаа жолдорундагы жол тыгындарын жөнгө салуу. Учурда Ош шаарынын мэриясынын жумушчу тобу тарабынан Ош шаарын 2023–2026-жылдарда социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасынын долбоору боюнча активдүү иштер жүргүзүлүп жатат. Ошону менен бирге социалдык чөйрөгө, атап айтканда билим берүүнүн сапатын жогорулатууга, республикалык бюджеттин капиталдык салымынын эсебинен курулуп жаткан обьектилердин курулушун өз убагында аяктоого өзгөчө көңүл бурабыз.

**- Шаардыктар үчүн башкы көйгөй – ичүүчү таза суу экенин баса белгиледиңиз. Ушул багытта кандай иштер жүрүп жатат?**

- Туура айтасыз, шаардыктарды таза суу менен камсыз кылуу бир топ жылдардан бери чечилбей келе жаткан маселе экен. Жаан жааган мезгилде Ак-Буура дарыясындагы суу ылайланып, шаарга таза суу берүү токтотулганы чоң түйшүк жаратып келиптир. Буйруса, бул маселе акырындык менен чечилип жатат. Ушул маселени чечүү боюнча 3 этаптуу иш алып барып жатабыз. Биринчи этапта эски скважиналар реконструкцияланып, жаңы скважиналарды куруу каралган. Бул иштер толугу менен жүзөгө ашырылып жатат. Ошондой эле калкты таза суу менен камсыз кылуу боюнча долбоорлорунун алкагында шаарыбыздын Данги участкасында Төлөйкөн айылындагы Кодогочун каналынан баштап Озгур айылындагы “Ошсууканал” ишканасынын суу тосмосуна чейинки аралыкка жалпы узундугу 475 метр, диаметри 1000 мм болгон суу түтүгү ашар ыкмасы менен тартылды.

Иш-чарабыздын экинчи этабында каралган «Ошсууканал» муниципалдык ишканасынын №3-7 насостук станциясында, бир учурда жалпы сыйымдуулугу 24 миң метр кубду түзгөн (ар бири 6000 м³) 4 суу кампасын куруу иштери тынымсыз, дем алуу күндөрүнө карабастан кызуу жүрүп жатат.

Ал эми үчүнчү этапта Азия өнүктүрүү банкынын долбооруна ылайык Папан суу сактагычынан суу түтүгүн тартуу иштери болжолдонгон. “Курманжан-Датка” муниципалдык аймак башкармалыгына караштуу, шаардан 15 чакырым алыстыкта жайгашкан 224 кварталда таза суу жок болгонуна байланыштуу жергиликтүү бюджеттин эсебинен акча каражаты бөлүнүп, жалпы 3 чакырымдан ашуун суу түтүгү тартылды. Андан сырткары, сыйымдуулугу 50 кубту түзгөн суу алуучу жайга мунара курулуп, терендиги 185 метрге жеткен суу кампасы казылып, суу чыгарылды. Азыркы учурда жеринде сыноо иштери жүргүдө. Жумуштар бүткөрүлгөн соң, пайдаланууга берилет.

Ошондой эле Азия Өнүктүрүү Банкы тарабынан узундугу 2400 метр болгон “Данги” участкасына дамба куруу менен 2 канаттуу (1200 мм труба менен) суу линиясы тартылат. Мындан сырткары Мады суу алуучу станциясын реабилитациялоо боюнча инвесторлор менен сүйлөшүүлөр жүрүп жатат. Шаар калкынын өсүшү менен саркынды сууларды тазалоочу станциянын III комплексин куруу зарыл болуп жатат. Долбоор толук даярдалып, Европа Өнүктүрүү жана Реконструкциялоо банкына сунушубузду бергенбиз. Шаардын калкын ичүүчү таза суу менен камсыз кылып, саркынды сууларды чыгаруучу түйүндөрдүн талаптагыдай иштешине шарт түзүп алсак, эң башкы көйгөйдөн арылган болот элек. Ичүүчү таза суу менен камсыз кылууга Президентибиз Садыр Жапаров, Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров ар тараптан колдоо көрсөтүп жатышат. Анан дагы учурда дүйнөдө суу тартыштыгы жаралууда. Ушундан улам, ичүүчү таза сууну сарамжалдуу пайдалануу багытында атайын рейддерди уюштуруп, элге түшүндүрүү иштерин жүргүзүп келатабыз.

***- Жол тыгыны демекчи, шаарга кирип-чыккандар көп экен. Шаардын аймагын кеңейтүү маселеси жаралган жокпу?***

- Кошуна райондордон шаарыбызга келип соода кылгандар, мекемелерде иштегендер бар. Андан калса, акыркы жылдарда Ош шаарыбызга туристтердин агымы көбөйдү. Калкыбыздын саны жылдан-жылга өсүп баратат. Ошондуктан, Кыргыз Республикасындагы шааркурулуш документтеринин коомдук угуулары жөнүндө жобосуна таянып жүзөгө ашырылып жаткан шаар куруу ишинин жана шаар куруу-архитектура процессинин бардык түрлөрүн регламенттештирүү максатында деталдык пландоо долбоорун (ПДП) коомдук талкууга койгонбуз. Ушундан улам, шаардагы көчө тыгындар маселесин чечүүгө мэрия тарабынан олуттуу көңүл бурулууда. Бүгүнкү күндө Бишкек – Ош унаа жолунан түз чыгуучу Т-кесилишиндеги жаңы жолдун курулуш долбоорун ишке ашыруу максатында Т. Турсунбаева көчөсүнөн өтүүчү Ош-1 – Ош-2 станциясынын өткөрмө бекетинин имаратын куруу иштери аяктады. Ал жерде темир жол бекетинде иштеген кызматкерлер үчүн бардык зарыл шарттар түзүлүп, байланыш каражаттары каралган.

Ошондой эле шаарыбыздагы А.Масалиев – А.Навои көчөлөрүнүн кесилишинде унаа тыгындарын жоюу максатында Ош шаардык капиталдык курулуш башкармалыгы тарабынан жөө адамдар үчүн жер үстүнөн өтүүчү өтмөк курулууда. Курулушка жалпы 45 млн сом каражат каралган. Өтмөктүн бийиктиги 6 метрден 7.10 метрге чейин, аянтынын узундугу 145 метр, эндиги 4 метр болуп, түбүнөн унаалар өтөт. Төрт тарабынан жөө жүрүүчү жарандарга тепкичтер жана ошол эле тараптарынан мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга, кары-картаңдарга төрт даана лифт курулууда.

Дагы бир маанилүү иш-чара – Кыргыз Республикасында жүргүзүлүп жаткан административдик аймактык реформанын алкагында шаарыбыздын аймагын генплан боюнча 56 миң гектарга чоңойтуу пландаштырылууда. Аталган реформанын биринчи этабы менен шаардын аймагына 6298 гектар жер тилке кошулууда. Анын негизинде Кара-Суу районунун Шарк айыл өкмөтүнө караштуу 300 га, Кызыл-Кыштак айылдык округундагы жалпы 440,0 га жер аянтына жана Ош шаарынын аймагына кире бериштеги Кара-Суу районунун Нариман айыл аймагына караштуу 32 гектар жер аянтына “Ош-Сити” долбоорун ишке ашыруу колго алынган. Аталган долбоорду ишке ашырууда биринчи кезекте унаа тыгындарынын пайда болушуна себеп болгон шаар аймагындагы мөмө-жемиш, борбордук базар жана курулуш базарлары шаардын чет жакасына чыгарылат.

**- Бакытбек мырза, Ош шаарында буга чейин газ менен камсыз кылуу тартыштыгы, электр энергиясына болгон муктаждыктар көп эле айтылып келген. Ушул маселе кандай чечилип жатат?**

- Өтө олуттуу маселени козгодуңуз. Газ, электр энергиясы менен камсыз кылуу биздин түздөн-түз компетенциябызга кирбесе дагы, шаардык администрациянын күн тартибинде турган маселе десем болот. Маселен, газ түтүктөрүн талаптагыдай шартта кармап турууга шаардагы атайын кызматтардын ишин катуу көзөмөлгө алып турабыз. Ошол эле электр энергиясы менен камсыз кылуу багытында иш-чараларыбыз стратегиялык пландарыбызда кеңири камтылган. Шаардын калкын




Ош шаарында көчөлөр иретке келтирилип, жолдорго асфальт төшөлүүдө

# ЗА СУУ МЕНЕН ГҮНӨН АРЫЛАТ”


Президент С.Жапаров стадионду капиталдык реконструкциялоонун жүрүшү менен таанышты

электр энергиясы менен камсыз кылуу максатында Данги, Ак-Буура дарыясынын жана Папан суу сактагычынын участокторунда чакан ГЭСтерди куруу мерчемделип жатат. Калаа тургандарын кыш мезгилинде жылуулук менен камсыздоо максатында кубаттуулугу 10-12 Мватт электр энергиясын чыгаруучу жана ысык суу менен камсыздоочу чакан жылуулук электр борборун куруу республикалык бюджеттин эсебинен пландаштырылууда.

**- Көчөлөргө асфальт төшөлүп, шаардын көркү ачылып баратыптыр. Бул иштин бардыгы жергиликтүү бюджеттин эсебинен жасалып жатабы?**

- Жасалып жаткан иштердин көпчүлүгү шаардык бюджеттин эсебинен жасалууда. Учурда шаарыбыздагы Мамажан көчөсүнөн Ленин көчөсүнө чейин узундугу 1 чакырымды, туурасы 7 метрди түзгөн жол капиталдык оңдоодон өтүүдө. Жеринде тротуарларды куруу, көрктөндүрүү, жашылдандыруу боюнча курулуш иштери кызуу жүрүп жатат. Навои көчөсүнөн Мамажан көчөсүнө чейинки бөлүктө таза суу түтүктөрүн алмаштыруу, ирригациялык лотокторду орнотуу иштери жүргүзүлүүдө. Андан башка А.Масалиев көчөсүндө дагы толугу менен жаңыдан асфальт басуу боюнча иштердин 4-этабы кызуу жүрүп жатат. Жолдун жалпы узундугу 3 км, туурасы 25 метрди түзүп, ага 11 см асфальт басылууда. Белгилей кетсек, А.Масалиев көчөсү менен Шамшиев көчөсүнүн кесилишинен баштап, Раззаков көчөсү (болжол "Каныкей эне" сейил багы) чейинки бөлүгүнө толугу менен жаңыдан асфальт басылып чыгып, жол бордюрлары орнотулуп, белги сызыктары чийилет. Ошондой эле Алай көчөсүндөгү узундугу 700 метрди түзгөн жолду жана ага чектеш көчөнү оңдоп-түзөө иштери аяктап, унаалардын каттоосу үчүн ачылды. Мында жолду оңдоп-түзөөдөн тышкары, тиешелүү кызматтар тарабынан таштандыларды ылгалоочу контейнерлерди орнотуу, көп кабаттуу үйлөрдүн фасаддарын сырдоо, инженердик тармактарды өткөрүү иштери да аяктап калды. Ишибизди жеңилдетүү жана үнөмдүү пайдалануу максатында табигый таштан тротуарларды куруу багытында таш кесүүчү заводду куруу жана асфальт-бетон заводун лизинг жолунда курууну караштырып жатабыз. Асфальт-бетон заводун куруунун жалпы сметалык наркы 160,0 млн сомду түзөт. Шаардын инфраструктураларын жакшыртуу багытындагы жыл башында белгиленген иш-пландарыбызды толугу менен жүзөгө ашырууга жетишебиз.

**- Калаада социалдык курулуштар кандай жүрүп жатат?**

- Жакында эле Президентибиз Садыр Жапаров Ош шаарына болгон иш сапарында курулуп жаткан обьектилердин баардыгы менен таанышып чыгып, долбоорлорду өз убагында бүтүрүүгө тапшырма берди. Анан чынында эле шаарыбыздагы ишке ашырылып жаткан долбоорлордун басымдуу бөлүгүн социалдык курулуштар түзөт. Мисалга алсак, «Амир-Тимур» МАБнын 100 орундуу бала бакчанын, «Манас-Ата» МАБнын №27 XXIV партсъезд атындагы мектебинин 500 орундуу кошумча имаратынын, Керме-Тоо айылындагы 100 орундуу бала бакчанын, Жапалак айылындагы №31 «Курманжан-Датка» атындагы мектебинин 225 орундуу кошумча окуу имаратынын жана спорт залынын, Ак-Тилек кичи районундагы 75 орундуу бала бакчанын, №5 ҮМБнун филиалынын курулушун айтсам болот. Андан башка өлкөбүздүн Эгемендүүлүк күнүнө карата 3 бала бакча, 2 мектеп, ОШМПУнун жаңы имараты, жана бир медициналык борбор пайдаланууга берилет.

Ош шаардык клиникалык ооруканасынын мурдагы имаратынын ордуна курулуп жаткан 7 кабаттуу заманбап клиника бардык керектүү жабдыктар менен жабдылат. 174 орундуу имараттын жалпы курулуш аянты 20 миң чарчы метрди түзөт. Медициналык мекеменин курулушу үч жылга мерчемделип, жумуштарды Ош мамлекеттик университети өз алдынча жүргүзөт. Жакынкы аралыкта долбоордук документтер даярдалып бүткөндөн кийин курулуш иштери башталат. Ал эми Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин 5 кабаттуу жаңы окуу корпусунун курулушу аяктоо алдында турат. Жаңы окуу корпусу заманбап стилде курулуп, анда студенттер үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлөт. Анын ичинде окуу, жыйындар бөлмөлөрү, китепкана, ашкана жана эс алуу жайлары болот. Имараттын жалпы аянты 756 чарчы метрди түзөт. Болжолго ылайык, имарат 2023-2024-окуу жылында ачылат.


Шаарда ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу иштери кызуу жүрүүдө

Дагы бир маанилүү жаңылыгыбыз, А.Сүйүмбаев атындагы борбордук стадиондо долбоор боюнча, 11 миң 500 көрүүчүгө ылайыкташкан отургучтардын баары толугу менен алмаштырылууда. Ошондой эле административдик имаратынын сырты жаңыланууда. Мындан сырткары, футболчулар үчүн кийим алмаштыруучу жана душ бөлмөлөрү толук оңдолот. Айта берсе мындай мисалдар көп эле. Социалдык багыттагы обьектилерди өз убагында бүтүрүүгө болгон аракетибизди жумшап жатабыз. Шаардын тургундары үчүн жакшы саамалык болчу нерсе, калаабыздын Набережная көчөсүндө 9 кабаттан турган 106 батирлүү үйдүн жана Тилеке-Баатыр көчөсүндө 12 кабаттан турган 100 батирлүү үйдүн курулуш иштери Ош шаарынын муниципалдык ипотекалык компаниясы тарабынан ишке ашырылып жатат. Долбоордун негизинде аталган үйлөрдүн айланасы жана ага чектеш аймак көрктөндүрүлүп, балдар аянтчаларын, унаа токтотуучу жайларды куруу каралган. Бардык жумуштар белгиленген графикке ылайык жүрүп жатат.

**- Шаарда мыйзамсыз курулган көп кабаттуу үйлөр тууралуу маалыматтар баймабай айтылууда. Ошондой эле тейлөө ишканаларынын санитардык абалына дагы көзөмөл күчөтүлүптүр. Натыйжасы кандай болуп жатат?**

- Ош шаарынын мэриясы, архитектура жана шаардык мыйзамсыз курулуштарды көзөмөлдөө башкармалыгы биргеликте мыйзамсыз курулган имараттарды, анын ичинде уруксат кагаздары жок курулган көп кабаттуу үйлөр боюнча иштеп жатат. Рейд учурунда шаардын аймагында жайгашкан өз билемдик менен курулуш иштерин жүргүзүп жаткан алты курулуш аныкталып, аларга эскертме берилип, курулуш иштери токтотулган. Айрым курулуштар соттун чечими менен бузула турган болууда. Айтор, бул багыттагы ишибиздин натыйжасы жаман эмес. Баарыбыз мыйзамга баш ийишибиз керек. Шаардык мэрия муниципалдык аймактык башкармалыктын башчыларына катуу талаптарды коюп жатат. Анткени, алар өзүнүн аймагына кандай курулуштар курулууда, тиешелүү уруксат кагаздары барбы, билиши шарт да. Анткени, курулуш компанияларынын мыйзамсыз аракеттерине жол бербөө чаралары күчөгөнүнө карабастан, тиешелүү уруксат кагаздарын албай туруп, курулуш иштерин баштап жиберген учурлар катталып жатат.

Анан дагы шаарыбызда тазалыкка өзгөчө көңүл бурулууда. Ош шаардык ички иштер башкармалыгынын жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунун өкүлдөрүнүн катышуусунда, Ош шаарынын мэриясынын саламаттык сактоо тармагын башкаруу боюнча координациялык кеңешмесинин протоколдук тапшырмасынын негизинде жеке менчик ишканалар, анын ичинде сулуулук салондор, тиш дарылоочу кабинеттер, медициналык борборлор, хижама бөлмөлөрү жана ушул сыяктуу кан менен байланышуу аркылуу кызмат көрсөткөн ишканалар тарабынан калкка кызмат көрсөтүүдөгү мыйзам бузууларды жоюу боюнча бир топ иштер аткарылды. Анын жыйынтыгы менен тиешелүү кызматтарга кан аркылуу жугуучу инфекциялардын АИВ, гепатиттин алдын алуу боюнча иштерди күчөтүү тапшырмасы берилген. Текшерүүнүн натыйжасында медициналык кызмат көрсөткөн 19 жеке менчик мекеме жабылып, 8 ишкананын иши укук коргоо органдарына кароого жөнөтүлдү. Бул иш-чара улана бермекчи.

**- Бакытбек мырза, ар бир мамлекеттик аткаруу бийлиги өлкөбүздүн Эгемендүүлүгүнүн күнүнө карата атайын белгиленген иш-чаранын өтөсүнөн чыгууну максат кылып келет эмеспи. Андан калса, Эгемендүүлүктүн 32 жылдыгын Ош шаарында белгилөө каралган эле. Ушул күнгө карата мерчемделген иш-чаралар кандай жүзөгө ашырылып жатат?**

- Эгемендүүлүк күнүн мамлекеттик деңгээлде Ош шаарында өткөрүүгө даярдыктар өз нугунда жүрүп жатат. Шаардык мэрия жыл башынан эле алдын ала иш-пландарды белгилеп, ошонун үстүндө иштеп келе жатабыз. Аталган иш-чарага карата даярдык жана уюштуруу иштери Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Министрлер Кабинетинин көзөмөлүндө жүрүп жатат. Белгилүү болгондой, жакынкы күндөрдө Президентибиз Садыр Нургожоевич Ош шаарына жана Ош облусуна болгон иш-сапарында Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк күнүнүн 32 жылдыгын Ош шаарында белгилөөгө байланышкан даярдык иштерине байланыштуу курулуш иштери менен жакындан таанышып, сапаттуу жана мөөнөтүндө бүткөрүү тапшырмасын коюп кетти.

Белгилей кетсек, учурда шаарыбызда өлкөнүн Эгемендүүлүк күнүнө карата бир катар инфраструктуралык объектилер реконструкцияланууда жана жаңы курулуш иштери жүргүзүлүүдө. Алсак, “Алымбек-Датка” этнографиялык комплекси, “Сулайман-Тоо” улуттук тарыхый-археологиялык музей комплекси оңдоп-түзөөдөн өткөрүлүүдө. Мында 57 метр узундуктагы Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик туусу орнотулуп, бүгүнкү күндө айланасында көрктөндөрүү жана жашылдандыруу иштери кызуу жүрүүдө.

Ошондой эле Ош мамлекеттик университетинин айланасында реконструкцияланып, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана саясий ишмери Насирдин Исановдун туулган күнүнүн 80 жылдык маарекесине карата анын эстелигин орнотуу иштери жүрүүдө.

Мындан тышкары, С.Ибраимов атындагы Ош улуттук драма театрынын айланасы, А.Сүйүмбаев атындагы Ош шаардык стадиону, Ош облусунун Кара-Суу районундагы Төлөйкөн ат майданы оңдоп-түзөөдөн өткөрүлүүдө. Буйруса алыс-жакындан ат арыып келген конокторду татыктуу тосуп алууга меймандос элибиз дасторконун кенен жайып, кучак жайып тосуп алууга даяр десем жаңылышпаймын.

**Маектешкен**
**Шекербек КАЛЫКОВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

**2023-ЖЫЛДЫН 10-СЕНТЯБРЫНА ДАЙЫНДАЛГАН №26 ЛЕНИН БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТЫН КАЙРА ШАЙЛООДО ШАЙЛОО АЛДЫНДАГЫ ҮГҮТ ИШТЕРИНЕ КАТЫШУУ ҮЧҮН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЛПЫГА МААЛЫМДОО КАРАЖАТТАРЫН ЖАНА ИНТЕРНЕТ-БАСЫЛМАЛАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

## ТОКТОМУ

«Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 8-беренелерине, «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 11,

22-беренелерине ылайык, «Кыргыз Республикасынын №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Жогорку Кеңешинин депутатын кайра шайлоону дайындоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2023-жылдын 12-июлундагы №64 токтомунун, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 26-июнундагы №117 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө жалпыга маалымдоо каражаттарын жана интернет-басылмаларын аккредитациялоонун тартиби жөнүндө» Жобонун негизинде, Шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка катышуучуларынын арыздарын жана даттанууларын кароо, маалымдоо жана үгүт жүргүзүү маселелери боюнча жумушчу топтун сунушун эске алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы,

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** 2023-жылдын 10-сентябрына дайындалган №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын кайра шайлоодо, шайлоо алдындагы үгүт иштерине катышуу үчүн 1-тиркемеге ылайык жалпыга маалымдоо каражаттары жана интернет-басылмалары аккредитациялансын:
- 10 (он) жалпыга маалымдоо каражаттары;
- 10 (он) интернет-басылмасы.

**2.** Эфир убактысын, жалпыга маалымдоо каражаттары үчүн басылма аянтын жана интернет-басылмаларда жарыялоо укугун бергендиги үчүн акы төлөөнүн өлчөмү жана башка шарттары жөнүндө маалымат 2-тиркемеге ылайык Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтында жайгаштырылсын.

**3.** Бул токтом «Эркин Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын мүчөсү, Шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка катышуучуларынын арыздарын жана даттанууларын кароо, маалымдоо жана үгүт жүргүзүү маселелери боюнча жумушчу топтун жетекчиси У.К.Жылкыбаевге жүктөлсүн.

**ТӨРАГА Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 28-июлу, №70***

*Приложение 1*
*к постановлению*
*Центральной комиссии*
*по выборам и проведению референдумов*
*Кыргызской Республики*
*от 28 июля 2023 г. №70*

**Средства массовой информации Кыргызской Республики, аккредитованные для участия в предвыборной агитации на повторных выборах депутата Жогорку Кенеша Кыргызской Республики по Ленинскому одномандатному избирательному округу №26, назначенных на 10 сентября 2023 года**

| № | Наименование СМИ |
|---|---|
| **Печатные издания – 4** | |
| 1. | Издательский дом «Кыргыз-Туусу» **Газета: «Кыргыз Туусу»** |
| 2. | ОсОО «Дурбу» **Газета: «Фабула пресс»** |
| 3. | ОсОО «Компьютер Пресс» **Газета: «Супер-Инфо»** |
| 4. | Редакция газеты «Эркин Тоо» **Газета: Государственная официальная газета КР «Эркин Тоо»** |
| **Интернет-издания - 9** | |
| 1. | Информационное агентство «АКИpress» **Сайт: www.akipress.org** |
| 2. | ОсОО «Медиа центр» **Сайт: www.media-center.kg** |
| 3. | ОсОО «Информационное агентство «24.kg» **Сайт: www.24.kg** |
| 4. | ОО «Масс Медиа Групп» **Сайт: www.bulak.kg** |
| 5. | ОсОО «Информационное агентство Сереп Медиа» **Сайт: www.serep.kg** |
| 6. | Общественный фонд «Промедиа Плюс» **Сайт: www.kaktus.kg, www.kaktus.media** |
| 7. | ОсОО «SUPER.KG» **Сайт: www.super.kg** |
| 8. | ОсОО «Дурбу» **Сайт: www.fabula.kg** |
| 9. | ОсОО «Вести Кейджи» **Сайт: www.vesti.kg** |
| **Радиостанция - 1** | |
| 1. | Общественная телерадиовещательная корпорация Кыргызской Республики **Радиостанция: «Биринчи радио»** |
| **Телевидение - 6** | |
| 1. | ОсОО «РАКЕТА-МЕДИА» **Телеканал: «TV1.KG»** |
| 2. | ОсОО «Супер ТВ» **Телеканал: «SUPER TV»** |
| 3. | Национальная телерадиовещательная корпорация Кыргызской Республики **Телеканал: «Первый национальный канал», «Ала-Тоо 24»** |
| 4. | ОсОО «Медиа-Спейс» Интернет ресурс телевидения Апрель |
| 5. | ОсОО «Консалт Плюс» **Телеканал: «ТНТ Кыргызстан»** |
| 6. | ОсОО «Бакайнур-Мега» **Телеканал: NextTV** |

*Приложение 2*
*к постановлению и проведению референдумов*
*Кыргызской Республики*
*от 28 июля 2023 г. №70*

**Сведения о размере и других условиях оплаты за предоставление эфирного времени, печатной площади средств массовой информации и за право публикации в интернет-изданиях, аккредитованных для участия в предвыборной агитации на повторных выборах депутата Жогорку Кенеша Кыргызской Республики по Ленинскому одномандатному избирательному округу №26, назначенных на 10 сентября 2023 года**

**Список средств массовой информации Кыргызской Республики для участия в предвыборной агитации на повторных выборах депутата Жогорку Кенеша Кыргызской Республики по Ленинскому одномандатному избирательному округу №26, назначенных на 10 сентября 2023 года.**
**Печатные издания**

| № | Наименование печатного издания | Сведения о размере оплаты | Руководитель | Контакты |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Издательский дом «Кыргыз-Туусу» Газета: «Кыргыз Туусу» | Первая полоса:<br>30 000 сом, или 30 сом за 1 кв.см.;<br>Цветная полоса: 25 000 сом, или 25 сом за 1 кв.см.;<br>Черно-белая полоса: 15 000 сом, или 15 сом за 1 кв.см.;<br>Последняя полоса: 20 000 сом, или 20 сом за 1 кв.см.;<br>PR статьи: 30 000 сом, или 30 сом за 1 кв.см.; | Директор издательского дома «Кыргыз Туусу» М.Б.Тыналиев | E-mail: tuusu@mail.ru<br>E-mail: tuusu@infotel.kg |
| 2 | ОсОО «Дурбу» Газета: «Фабула пресс» | *1-я полоса (1 см.кв – 100 сомов) 100 000 сомов<br>*1-анонс на первой полосе 10 000 сомов<br>*2,3 и 8,9-ая полосы (1 см.кв – 50 сомов) 50 000 сомов<br>*4,5,6,7-ая полосы (1 см.кв – 40 сомов) 40 000 сомов<br>*10,11 и 16-ая полосы (1 см.кв – 30 сомов) 30 000 сомов<br>*12,13-ая полосы (1 см.кв – 20 сомов) 20 000 сомов<br>*14,15-ая полосы (1 см.кв – 15 сомов) 15 000 сомов. Периодичность: рекламно-информационная газета выходит 1 раз в неделю – по пятницам. | Директор ОсОО «Дурбу» Темирбек уулу Алмазбек | Тел.: 0778 830 883<br>Эл.почта: forum0312@gmail.com |
